КЫРГЫЗ БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2021

Бишкек-2022

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жыл үчүн жылдык отчету**

Улуттук банктын 2021-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын 54 жана 55-беренелерине ылайык даярдалган.

Жылдык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-мартындагы №2022-П-10/17-1-(ВД) токтому менен бекитилген.


**Редакциялык кеңеш:**

Төрага — Айбалаева А.М.

Кеңештин мүчөлөрү: — Сейткасымова Р.Р.

Козубеков А.А.

Акулуева М.Ш.

Алыбаева С.К.

Карабаева А.М.

Каракожаев А.М.

Айылчиева Р.С.

Жооптуу катчы — Сырдыбаева Н.М.


Сандардын тегеректелишинен улам, акыркы катарда чагылдырылган суммалар дал келбей калышы мүмкүн.


Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга жол берилет, ал эми шилтеме келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2022-жыл



Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар тобуна кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 61 08 59

электрондук дарек: nsyrdybaeva@nbkr.kg

www.nbkr.kg



Жылдык отчет Улуттук банктын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү
секторунун кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилге которулган.
"M-MAXIMA" ЖЧКсы тарабынан басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, К.Тыныстанов атындагы көчө, 197/1.
200 нускада чыгарылган.

# МАЗМУНУ

## 1-китеп

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү..............................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ ..........................................................................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ..................................8

1.2. Мамлекеттик финансы сектору ..................................10

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми................12

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ .........................16

2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери 16

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу .........................17

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар....19

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар ................................................20

2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары .........22

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар .....................................................................23

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар................................25

2.3. Эл аралык резервдерди тескөө...................................26

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ....................27

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ .............................................................................31

3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу..............................................................31

3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама 31

3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо .41

3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө ...42

3.1.4. Таасир этүү чаралары ...........................................44

3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы .................................45

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу ......................................46

3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама ..........................................................46

3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо ....................................................................51

3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.....................................................................51

3.2.4. Таасир этүү чаралары ..........................................52

3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы .............52

3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо..............................53

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ................................54

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү....................................55

4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр .......................................55

4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар ........................................................60

4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу.......................................................................60

4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо...........60

4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө................61

4.1.3.3. Таасир этүү чаралары ........................................61

4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ..................................................62

4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт).......................................................................62

4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү ....63

4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ...............................................64

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ................69

5.1. Эл аралык кызматташуу.............................................69

5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу.........................71

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР ...................................................75

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү.................................................................................75

6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдагы иши ...............................84

6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү ................................86

6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу .....88

6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы..........91

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2021-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар .......................................94

2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).......................................100

3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары .....128

4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси............134

***Урматтуу окурмандар!***

*2021-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүшү создуккан COVID-19 пандемиясынын таасири астында уланган. Өлкөнүн экономикасы дүйнө жүзү боюнча азык-түлүк менен энергия продукцияларына баалардын өсүшү таасир берген тобокелдиктерге дуушар болгон. Жагымсыз аба ырайы жана климаттык шарттардан улам айыл чарба багытындагы жергиликтүү өндүрүштүн көлөмүнүн азайышы дагы баалардын өсүшүнө кошумча салым кошкон.*

*Акча-кредит саясатын 2021-жыл бою катуулатуу Улуттук банкка экономикалык таасирлердин кесепеттерин жеңилдетүүгө, инфляцияны орто мөөнөткө каралган мезгил ичинде белгиленген бир сандык маанидеги көрсөткүчтүн чегинде кармап турууга, өлкөнүн финансы жана төлөм системасында туруктуулукту сактоого мүмкүндүк берди.*

*Улуттук банк алмашуу курсунун өзгөрүлмөлүү режимин колдонууну уланткан. Финансы секторунун туруктуулугун сактоо Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат, туруктуулукту колдоо үчүн COVID-19 пандемиясына байланыштуу кризистин тийгизген таасирлерин жеңилдетүү жагында иштер улантылган. Коронавирус инфекциясынын жайылып кетишине байланыштуу киргизилген чектөө чараларынан улам, сапаты начарлаган кредиттерди реструктуризациялоо жагында банктарга жеңилдиктерди берүү чаралары кабыл алынган. Улуттук банктын кабыл алган чаралары банк секторундагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, калктын финансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, кадимки банктар сыяктуу эле ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктар үчүн дагы укуктук чөйрөнү түзүүгө мүмкүндүк берди.*

*Финансы-кредит уюмдарынын 2021-жылдагы ишинин жыйынтыгы туруктуулуктун жетишээрлик запасын көрсөткөн, бул финансы-банк системасынын туруктуулугун сактоого гана мүмкүндүк бербестен, өлкөнүн экономикасын колдоого алууга дагы өбөлгө түзгөн.*

*Улуттук банктын иши банктык кызматтарды андан ары санарип трансформациялоону өнүктүрүүгө, анын ичинде санарип чөйрөдө кардарлардын финансы-кредит уюмдары менен өз ара коопсуз иш алып баруу ыкмаларын аныктоого багытталган. 2021-жылы Улуттук банк банк сектору менен биргеликте “Банк системасын 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары” программалык документин иштеп чыккан жана бекиткен. Бул документ банк секторунун орто мөөнөткө каралган келечектеги артыкчылыктуу иш багыттарын жана максаттарын камтыйт.*

*Микрокаржылоо секторун институционалдык жактан өнүктүрүү үчүн жагымдуу экономикалык жана натыйжалуу жөнгө салуу чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылуу жана колдоого алуу үчүн “Микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары” бекитилген. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуунун алкагында отчетторду калкка жеткиликтүү болгон маалымат ресурстарында жарыялоо талаптарына өзгөртүүлөр киргизилген.*

*2021-жылы “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу маанилүү окуялардан болду. Бул өзгөртүүлөр өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга, өлкө аралык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, керектөөчүлөрдүн укуктарын камсыз кылууга багытталган. “Элкарт” улуттук төлөм системасын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, башка өлкөлөрдүн төлөм системаларына интеграциялануу, “Элкарт” байланышсыз банктык төлөм карталарын чыгаруу долбоорлорун ишке ашыруу жана “Элкарт Мобайл” мобилдик тиркемеси аркылуу кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүү иш-чаралары жүзөгө ашырылган.*

*Санарип төлөм технологияларын өнүктүрүү үчүн атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында инновациялык банк операциялары менен кызмат көрсөтүүлөрдү жайылтуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иштер аткарылып, Санарип сом концепциясынын долбоору иштелип чыккан.*

*Улуттук банк, каражат топтоонун жана инвестиция салуунун жаңы инструменттер рыногун түзүүгө багытталган, Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун түзүү жана өнүктүрүү боюнча концепцияны ишке ашыруунун алкагында аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын кайра сатып алуу укугу менен сатуу иштерин улантты. Кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктарын даңазалаган маанилүү тарыхый окуяларды чагылдырган коллекциялык эстелик монеталарды заманбап технологияларды колдонуу менен чыгаруу жана жайылтуу иштери улантылган.*

*Улуттук банктын 2021-жыл үчүн жылдык отчету Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принциптерин сактоо менен даярдалган жана көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт.*

**Төрага** **К. Боконтаев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

2021-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасы COVID-19дун жаңы учурлары жана дүйнөлүк жеткирүү системасынын ырааттуулугу бузулгандыгы менен коштолгон дүйнөлүк товар-чийки зат рынокторунда суроо-талаптын жана ликвиддүүлүктүн өсүшүнөн улам курчуган глобалдуу инфляциялык процесстердин олуттуу таасири астында акырындык менен калыбына келген. Тышкы терс жагдайлар жана жагымсыз климаттык шарттар экономиканын өсүш арымынын басаңдашы менен катар Кыргыз Республикасындагы баалардын динамикасына олуттуу таасирин тийгизди. Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен биргеликте бааны жана макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн бардык керектүү чаралар көрүлгөн. Мамлекеттик финансы секторунда экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келүүсүнө байланыштуу кирешелердин жана чыгашалардын өсүшү байкалган. Бул кыйла тең салмактанган бюджеттик саясатты жүргүзүүгө өбөлгө түзгөн. Келип чыккан тартыштык тышкы жана ички булактардын эсебинен каржыланган.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялардын эсеп сальдосу 728,8 млн АКШ доллары (ИДӨгө карата 8,5 пайыз) өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн. Күндөлүк эсептин терс балансы капитал жана финансылык эсеп менен операциялардын эсеби боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү менен коштолгон. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу оң белгиде калыптанган. 2021-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортун 5,7 ай камсыздоо үчүн жетиштүү болгон.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

Кыргыз Республикасындагы экономикалык жигердүүлүк отчеттук жылы COVID-19 пандемиясынын кесепеттеринен улам акырындап калыбына келүү тенденциясын көрсөткөн.

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмүнүн түзүмү

| | 2020-жыл | | | 2021-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100,0** | **-8,4** | **-8,4** | **100,0** | **3,6** | **3,6** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 13,6 | 0,9 | 0,1 | 14,7 | -5,0 | -0,7 |
| Өнөр жай | 19,2 | -7,0 | -1,3 | 18,3 | 7,2 | 1,4 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 1,2 | -18,5 | -0,3 | 1,9 | 21,2 | 0,3 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 14,5 | -7,1 | -1,0 | 13,5 | 7,0 | 1,0 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 3,3 | 2,6 | 0,1 | 2,7 | 1,2 | 0,0 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,3 | -1,9 | 0,0 | 0,3 | 28,3 | 0,1 |
| Курулуш | 10,0 | -15,6 | -1,5 | 8,3 | -4,8 | -0,5 |
| Кызмат көрсөтүү | 46,4 | -9,8 | -4,6 | 45,2 | 6,5 | 3,0 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 16,4 | -14,8 | -2,6 | 17,5 | 11,4 | 1,9 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,1 | -30,4 | -1,2 | 3,5 | 18,0 | 0,6 |
| *Маалымат жана байланыш* | 2,7 | -4,0 | -0,1 | 2,6 | 12,9 | 0,4 |
| *Жана башкалар* | 24,2 | -2,9 | -0,7 | 21,6 | 0,9 | 0,2 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 10,8 | -8,4 | -1,1 | 13,5 | 3,6 | 0,4 |

*Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети*

[1] 2021-жыл үчүн маалыматтар алдын ала берилген жана дүң кошулган нарк боюнча келтирилген болуп саналат, 2020-жылга маалыматтар – такталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (КР УСК) алдын ала маалыматтары боюнча учурдагы баа менен ИДӨ көлөмү айкын мааниде 3,6 пайызга көбөйүү менен 723,1 млрд сомду түзгөн (2020-жылы төмөндөө 8,4 пайызды түзгөн). “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨ 3,9 пайызды түзгөн (2020-жылы – төмөндөө 8,9 пайыз). ИДӨ дефлятору 2020-жылдагы 6,1 пайызга салыштырганда 16,0 пайыз деңгээлинде оң мааниде түптөлгөн. Жылдын жыйынтыгы боюнча экономиканын өсүшүнө оң салым негизинен кызмат көрсөтүү жана өнөр жай секторлору тарабынан белгиленген. Кыргыз Республикасынын экономикасынын калыбына келүүсү айыл чарба жана курулуш тармактарында өндүрүштүн төмөндөөсү менен оодукталган.

*Өнөр жай*

2021-жылдын жыйынтыгында өнөр жай секторунда өсүш 7,2 пайызды (2020-жылы – төмөндөө 7,0 пайызды) түзгөн. Мындай өсүш тазаланган мунай заттарын (67,0 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продукттарды (29,5 пайызга), жыгач жана кагаз буюмдарын өндүрүүнүн, полиграфиялык иштин (26,2 пайызга) жана башка секторлордун көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Пайдалуу кенди казып алуу секторундагы өндүрүш жылдын жыйынтыгы боюнча 21,2 пайызга көбөйүү менен 2021-жылдын ортосунан тартып калыбына келүүсүн көрсөткөн. Аны менен бирге, кайра иштеп чыгуу секторунда өсүш отчеттук мезгилде 7,0 пайызды түзгөн. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 12,9 пайызга өскөндүгү белгиленген (2020-жылы – төмөндөө 10,0 пайыз). Өнөр жайдын экономиканын өсүшүнө оң салымы 2020-жылдагы 1,3 пайыздык пунктка кошкон терс салымына салыштырганда 1,4 пайыздык пунктту түзгөн. 2021-жылы ИДӨ түзүмүндөгү өнөр жай тармагынын салыштырма салмагы 2020-жылга салыштырганда 0,9 пайыздык пунктка төмөндөө менен 18,3 пайызды түзгөн.

***1.1.1-график.***

ИДӨнүн экономикалык иштин түрлөрү боюнча түзүмү




*Айыл чарбасы*

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча айыл чарба өндүрүшүндөгү айкын өсүш 2020-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 5,0 пайызга төмөндөгөн (2020-жылы 0,9 пайыз өлчөмүндө өсүш байкалган). Бул өсүмдүк өстүрүүнүн продукциялары (11,6 пайызга) азайышы менен шартталган. Натыйжада, ИДӨ өсүшүнө айыл чарбанын терс салымы 0,7 пайыздык пунктту түзгөн. Айыл чарбасынын ИДӨнүн түзүмүндөгү салыштырма салмагы 2020-жылдагы 13,6 пайызга салыштырганда 2021-жылы 14,7 пайызды түзгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Кызмат көрсөтүүлөр секторунда чыгаруу көлөмү 6,5 пайызга өскөндүгү байкалган (2020-жылы – төмөндөө 9,8 пайыз), бул негизинен транспорттук иш боюнча кызмат көрсөтүүнүн – 18,0 пайызга, маалымат жана байланыштын –

12,9 пайызга, дүң жана чекене сооданын – 11,4 пайызга өскөндүгү менен камсыз болгон. Ошону менен бирге, кызмат көрсөтүүлөр 3,0 пайыздык пункт өлчөмүндө тармактар арасында ИДӨгө олуттуу салым кошту. Отчеттук жыл ичинде ИДӨ түзүмүнө кызмат көрсөтүүлөр секторунун салыштырма салмагы 45,2 пайызды түзгөн, бул 2020-жылдагы көрсөткүчтөн 1,2 пайыздык пунктка төмөн.

*Курулуш*

2021-жылы курулуш секторундагы төмөндөө 4,8 пайызды түзгөн (2020-жылы курулуш сектору 15,6 пайызга кыскарган), бул негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн кыскарышы менен шартталган. Аталган сектордун ИДӨ түптөөгө салымы 2020-жылдагы терс салымдагы 1,5 пайыздык пунктка салыштырмалуу 0,5 пайыздык пункт деңгээлинде түптөлгөн.

*Инвестициялар*

Кароого алынган мезгил ичинде өздөштүрүлгөн негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 5,9 пайызга төмөндөгөн (2020-жылы ушул сыяктуу көрсөткүчтүн төмөндөөсү 24,3 пайызды түзгөн). 2021-жылы негизги капиталга ички булактар эсебинен каржыланган инвестициялар көлөмү: ишканалардын жана уюмдардын каражаттары – 10,3 пайыз, калктын каражаттары – 0,6 пайыз эсебинен 4,9 пайызга азайган. Банктардын кредиттеринин эсебинен каржыланган инвестициялар республикалык бюджеттин – 6,2 пайыз жана жергиликтүү бюджеттин 4,5 пайыз каражаттарынын эсебинен 1,2 эсе өскөн. Ал эми тышкы каржылоо булактарынын эсебинен инвестициялар көлөмү 10,0 пайызга кыскарган, алардын ичинен: тике чет өлкө инвестицияларынын эсебинен – 1,6 эсеге, чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардамдын эсебинен – 8,9 пайызга, чет өлкө кредиттеринин эсебинен – 2,0 пайызга кыскарган.



## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Экономикалык жигердүүлүктүн белгиленген калыбына келүү шартында 2021-жылы 2020-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда өлкөнүн мамлекеттик бюджетинин кирешелер жана чыгашаларынын өсүшү белгиленген. Алдын ала маалымат боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 3,3 пайыздан 0,2 пайызга чейин кыскарган. Бюджеттин баштапкы профицити[2] 6,7 млрд сом же ИДӨгө карата 0,9 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен түшкөн кирешелери отчеттук мезгилде 209,8 млрд сомду (ИДӨгө карата 29,0 пайызды) түзгөн. Бул 2020-жылдагы ушундай эле көрсөткүчтөн 38,0 пайызга көп. Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүшүнө негизги салымды салыктан түшүүлөрдүн санынын өсүшү кошкон. Алардын кирешелер түзүмүндөгү үлүшү 2020-жылы 70,3 пайыздан 2021-жылы 72,1 пайызга чейин өскөн. Бюджетке салыктык эмес түшүүлөр 44,9 млрд сомду түзүү менен 34,8 пайызга көбөйгөн, анын 18,0 пайыздан көбү Улуттук банктын пайдасынан чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлгөн. Ал эми расмий трансферттер 16,2 пайызга өсүп, 13,7 млрд сомду түзгөн.

Бюджет-салык саясаты мамлекеттик чыгашалардын социалдык багытын уланткан. Бардык социалдык мааниге ээ чыгашалардын статьялары отчеттук мезгилде толук көлөмдө канааттандырылган. Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашаларынын көлөмү 2021-жылы өткөн жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырганда 12,2 пайызга өсүп, 165,3 млрд сомду же ИДӨгө карата 22,9 пайызды түзгөн. Бюджеттик каражаттардын чыгашалары мамлекеттик карыз алуулар боюнча пайыздарды төлөөнү эске албаганда экономикалык классификациядагы бардык статьялар боюнча көбөйгөн.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы тартыштык/профицит – бул мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынан артышы, мында мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы эске алынбайт.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү




Финансы эмес активдерди алууга бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 46,2 млрд сомду же ИДӨгө карата 6,4 пайызды түзгөн, бул 2020-жылдагы 1,9 эсе же 21,8 млрд сомдон жогору.

*Мамлекеттик карызды тейлөө*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 4-августундагы №409 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун 2020-2023-жылдарга карата стратегиясынын параметрлерине ылайык, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы 2021-жылы тышкы сыяктуу эле, ички карыз алышуу эсебинен түзүлүүсүн уланткан. Отчеттук жылдын акырына карата мамлекеттик карыздын өлчөмү 2020-жылдагы 407,1 млрд сомго же ИДӨгө карата 67,6 пайызга салыштырмалуу 436,3 млрд сомго же ИДӨгө карата 60,3 пайызга жеткен. Мамлекеттик карыздын түзүмүндө тышкы карыз алышуунун үлүшү жогору болуусун уланткан (83,4 пайыз). Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар республикалык бюджеттин 29,5 млрд сомун (ИДӨгө карата 4,1 пайыз), анын ичинен пайыздык төлөөлөр 8,2 млрд сомду (ИДӨгө карата 1,1 пайыз) түзгөн.

*МКВ жана МКО рыногу*

Ички карыз алышууларды тартуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кыска мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарын (мамлекеттик казына векселдерин – МКВ) жана узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарын (мамлекеттик казына облигациялары – МКО) чыгаруу жана жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлгөн. МКВ жана МКО баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин финансы агенти болуп саналган Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгилде мамлекеттик баалуу кагаздардын кыска мөөнөттүү сегменти катышуучулардын төмөнкү жигердүүлүгү менен мүнөздөлгөн жана МКВ 12 айга жүгүртүү мөөнөтү менен гана сунушталган. Кароого алынган мезгил ичинде аукциондордо сунушталган МКВ көлөмү 2020-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 26,2 пайызга (2,8 млрд сомго чейин) көбөйгөн. Ошол эле учурда МКВга суроо-талаптын жалпы көлөмү 45,8 пайызга, 1,1 млрд сомго чейин азайган. Өткөрүлгөн аукциондордун, ошондой эле кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгында, МКВны сатуу көлөмү орточо алынган кирешелүүлүк боюнча 7,20 пайыз чегинде 973,2 млн сомду түзгөн (2020-жылы – орточо салмактанган кирешелүүлүк боюнча 5,87 пайыз чегинде 1,1 млрд сом). Сатуу көлөмү кыскаргандыгына карабай, жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 2021-жылдын акырына карата жыл башынан тартып 20,3 пайызга көбөйүү менен 973,2 млн сомду түздү.

2021-жылы Финансы министрлиги тарабынан МКО эсебинен узак мөөнөттүү карыз алышуунун үлүшүн көбөйтүү саясаты улантылган.

Мындан тышкары, 2021-жылдын акырында Финансы министрлиги кыйла узак мөөнөттүү жүгүртүүдөгү 15 жылдык жана 20 жылдык МКО баалуу кагаздарын сунуштаган. Натыйжада 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча аукциондордо МКО сунуштарынын көлөмү 45,0 пайызга (26,2 млрд сомго чейин) өскөн. Инвесторлор тарабынан МКОго болгон суроо-талап 2020-жылдагы 17,9 млрд сомдон 2021-жылы 20,4 млрд сомго чейин 14,0 пайызга өскөн. Отчеттук мезгилде 20 жылдык МКО көбүрөөк суроо-талапка ээ болгон. Суроо-талаптын жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 24,5 пайызды түзгөн. Аукциондордун жыйынтыгында МКОну сатуунун жалпы көлөмү кошумча жайгаштырууларды эске алуу менен 22,3 млрд сомду (2020-жылы – 16,2 млрд сом) түзгөн. Отчеттук мезгилде МКОнун орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү 11,1 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул 2020-жылдагы ушундай эле көрсөткүчтөн 0,1 пайыздык пунктка жогору.

Ошентип, 2021-жылдын акырына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү жыл башынан тартып 33,5 пайызга көбөйүү менен 70,6 млрд сомду түзгөн. 2021-жылы чет өлкө валютасында номинацияланган МКОну жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес. Натыйжада, аталган активдин жүгүртүүдөгү көлөмү жыл башынан тартып өзгөрбөстөн, 49,4 млн АКШ долларын түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

Акыркы эки жылда төлөм теңдеминин көрсөткүчтөрүнө COVID-19 коронавирус инфекциясынын пандемиясы олуттуу таасирин тийгизген. 2020-жылы соода тартыштыгынын олуттуу түрдө кыскаруусунун натыйжасында, күндөлүк эсеп өлкө үчүн мүнөздүү болбогон оң сальдодо түптөлгөн. Капиталдын агылып кирүүсүнүн төмөндөөсү байкалган, анын жыйынтыгында финансылык эсеп терс мааниде түзүлгөн.

2021-жылдагы алдын ала маалыматтар боюнча, күндөлүк операциялар эсеби терс сальдо менен түптөлүп, 728,8 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 8,5 пайыз деңгээлинде (2020-жылы ИДӨгө карата күндөлүк эсептин сальдосу оң мааниде болуп 4,8 пайыз деңгээлинде) түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн динамикасына күндөлүк трансферттердин келип түшүүлөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнүн алкагында товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана кирешелердин балансынын тартыштыгынын көбөйүшү аныктоочу таасирин тийгизген.

***<u>1.3.1-график.</u>***

Күндөлүк операциялар эсеби



*Тышкы соода*

Отчеттук жыл товарлардын экспортуна салыштырмалуу алардын импортунун озгон арымда өсүшү менен мүнөздөлгөн. Натыйжада, соода балансынын тартыштыгы 2020-жылга салыштырганда, 2,4 млрд АКШ долларын түзүү менен 63,4 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жыл ичинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 40,8 пайызга өсүп, 2,8 млрд АКШ доллары[1] өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эске албаганда экспорт көлөмү 33,9 пайызга көбөйүп, 1,4 млрд АКШ долларын түзгөн. Бул, негизинен тапталган айнекти, мөмө-жемиштерди, кийим-кечени, кездемени, текстиль жибин, жер-жемиштерди жана портландцементти берүүлөрдүн көбөйүшү менен камсыздалган. Муну менен бирге эле тирүү малдын, баалуу металлдар кенинин жана концентраттардын, май, сыр жана быштактын экспортунун кыскаргандыгы байкалган.

Отчеттук жылы ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөр 44,9 пайызга көбөйүүсү, негизинен тапталган айнекти, мөмө-жемиштерди жана кийим-кечени жеткирүүнүн саны өскөндүгүнүн эсебинен белгиленген.

2021-жылы товарлардын импорту (ФОБ баасында) 50,2 пайызга көбөйүү менен 5,2 млрд АКШ долларын түзгөн. Берүүлөрдүн орточо контракттык баалары кыйла жогору болгондугунан улам, ташылып келинген мунай заттарынын нарктык көлөмү 59,7 пайызга өскөндүгү белгиленген. Мындан тышкары, отчеттук жылда кийим-кечени, кездемени, бут кийимди, автоунааларды, мөмө-жемиштерди жана жаңгакты, этти жеткирүүлөрдүн саны көбөйгөн. Муну менен катар, дары-дармек, ун, чоюн жана болот, ичтен күйүүчү кыймылдаткычтар жана тамекинин импорту кыскаргандыгы белгиленген.

ЕАЭБге кирген өлкөлөрдөн импорттук берүүлөр, негизинен, ташылып келинген мунай заттарын жана керектөө багытындагы товарларды берүү көлөмүнүн өскөндүгүнө байланыштуу 38,6 пайызга көбөйгөн.

2021-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөр балансы 189,2 млн АКШ доллары көлөмүндө терс түптөлгөн, бул негизинен транспорттук кызмат көрсөтүүлөр балансынын начарлашына байланыштуу болгон. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмү 21,8 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмү 17,7 пайызга көбөйгөндүгү байкалган.

*Акча которуулары*

Күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүү көлөмү 2020-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 12,2 пайызга көбөйүү менен 2,5 млрд АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк трансферттердин түзүмүндө түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттарынын акча которуулары менен камсыз болгон. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча акча которуу системалары аркылуу жүзөгө ашырылган жеке адамдардын акча которууларынын таза агылып кирүүсү 16,1 пайызга көбөйүп, 2,2 млрд АКШ долларын түзгөн.

МАЗМУНУ

[1] Төлөм балансын түзүү методологиясына ылайык, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

***1.3.2-график.***
Акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча которуу динамикасы






Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелердин терс балансы резидент эместерге төлөөгө чегерилген тике инвестициялар боюнча кирешелердин көбөйүшүнүн таасиринде түптөлүү менен 256,4 млн АКШ долларынан 708,2 млн АКШ долларына чейин 2,8 эсе көбөйгөн.

*Финансылык эсеп*

2021-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 393,3 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү терс мааниге салыштырганда 739,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн. Финансылык эсепти түзүүгө негизги таасирди "тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялары тийгизген. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү негизинен чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардын тике инвестициялоо ишканаларынын алдындагы карыздык инструменттер боюнча милдеттенмелеринин төмөндөшүнүн эсебинен 580,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

"Башка инвестициялар" статьясы 2020-жылдагы деңгээлден 73,7 пайызга төмөн деңгээлде түптөлүп, 24,8 млн АКШ долларын түзгөн. Бул негизинен Кыргыз Республикасынын резиденттеринин активдеринин чет өлкөдө көбөйүшү менен шартталган.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын сальдосу 553,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн, бул операцияларды каттоо учуруна, маалыматтардын толук камтылбагандыгына, же болбосо ар башка булактардан алынышына байланыштуу статистикалык ажырымдар бар экендигин билдирет.

*Жалпы баланс*

Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 564,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде (2020-жылы – 122,7 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдо) түптөлгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү 2 977,6 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 5,7 айына туура келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# II

МАЗМУНУ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2021-жылы Улуттук банк акча-кредит саясатын катуулатууну уланткан, бул COVID-19 пандемиясына байланыштуу дүйнөлүк товардык-чийки зат рыногунда баалардын өсүшүнүн жана чектөөлөрдү киргизүүнүн терс таасиринен улам, өлкөдө инфляциялык процесстердин тездеши менен шартталган.

Улуттук банк өлкөдө түптөлгөн инфляциялык жагдайды жана экономиканы өнүктүрүү келечегин эске алуу менен 2021-жыл ичинде эсептик ченди 5,00 пайыздан 8,00 пайызга чейин ырааты менен төрт жолу жогорулаткан.

Пайыздык саясаттын чаралары менен катар эле, Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу аркылуу инфляциялык басымды чектөө максатында, акча-кредиттик операцияларын жүргүзгөн.

Ошондой эле банк системасынын натыйжалуу ишин колдоо максатында, Улуттук банк ликвиддүүлүктүн кыска мөөнөттүү ажырымын жабуу үчүн коммерциялык банктарды кредиттик ресурстар менен камсыз кылган.

2019 жана 2021-жылдар аралыгында жылдык инфляциянын орточо мааниси 6,5 пайызды түзүп, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчүнүн чегинде болгон.

Улуттук банк 2021-жылы өлкөдөгү өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режиминде алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүнө жол бербөө максатында чет өлкө валютасын сатуу боюнча интервенцияларды жүргүзгөн.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн натыйжалуу коммуникациялык саясат инфляциянын монетардык эмес факторлорунун терс таасиринен улам өзгөчө мааниге ээ болгон. Акча-кредит саясаты боюнча чечимдерди кабыл алууда маалыматтын ачык-айкындуулугу коомчулуктун жана экономика субъекттеринин рационалдуу инфляциялык күтүүлөрүн калыптандырууга жана Улуттук банктын мындан аркы иш-аракеттерин болжолдоону камсыз кылууга багытталган.

Эл аралык резервдер ликвиддүүлүк жана коопсуздук артыкчылыктарын эске алуу менен тескөөгө алынган. Кыргыз Республикасынын дүң эл аралык резервдеринин көлөмү 2021-жыл ичинде 169,5 млн АКШ долларына көбөйүп, жыл акырында 2 977,6 АКШ млн долларына жеткен.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Улуттук банктын иши тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүүгө жана аны колдоого багытталган. Мында Улуттук банк монетардык саясат инструменттеринин кеңири түрлөрүн колдонгон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жылга[1] акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө белгиленген орто мөөнөтүү мезгилге каралган көрсөткүчтүн чегинде кармоо акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү болуп саналат.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

2021-жылы акча-кредит саясатын жүргүзүүдө, өлкөдө инфляциялык процесстерди чектөө жана акча-кредит трансмиссиясын жогорулатуу үчүн банк системасындагы ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдети болуп саналган.

Улуттук банк монетардык инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу жана банктар аралык акча рыногунун активдүү иштеши үчүн шарттарды жакшыртуу аркылуу акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин өркүндөтүү багытындагы ишин уланткан.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 16-декабрындагы № 2020-П-07/72-2-(ДКП) токтому менен жактырылган.

**Акча-кредит саясатынын 2021-жылдагы негизги милдеттери**

| | | |
|---|---|---|
| акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын өркүндөтүү | акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу | банктар аралык акча рыногунун жигердүүлүгүн колдоого алуу |
| банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыз кылуу | акча-кредит саясаты боюнча стратегиялык жана тактикалык чечимдерди кабыл алуу максатында, экономикалык моделдерди өркүндөтүү | активдүү коммуникациялык саясатты жүргүзүү |

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

2021-жылы акча-кредит саясаты COVID-19 пандемиясынын жайылышына байланыштуу, ички жана тышкы чөйрөдө чектөөлөр сакталышын эске алуу менен ишке ашырылган.

Отчеттук жылы акча-кредит саясатынын тактикалык чечимдери банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүк деңгээли жогору болгон шартта жана Кыргыз Республикасынын жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасынын калыбына келүү арымын эске алуу менен кабыл алынган.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени монетардык саясаттын негизги инструменти жана акча рыногундагы каражаттардын наркынын көрсөткүчү катары саналган. Негизги чен боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылга каралган отурумдарынын графигине ылайык, экономикалык модель түзүү ыкмалары аркылуу иштелип чыккан экономиканын өнүгүшү боюнча орто мөөнөттүү болжолдоонун негизинде кабыл алынган.

Дүйнөлүк азык-түлүк рыногунда жана энергия продукциялары рыногунда баалардын өсүшү инфляциялык процесстердин тездешин шарттаган. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда баалардын кыйла өсүшүнө, негизинен, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелүү сунушталышы, ошондой эле COVID-19 инфекциясынын жаңы штаммдарынын пайда болушунан улам, ага каршы кошумча чаралардын киргизилиши себеп болгон. Мындай шарттарда Улуттук банктын эсептик чени 2021-жылдын февраль, апрель, июль жана ноябрь айларында 5,00 пайыздан 8,00 пайызга чейин баскыч-баскычы менен жогорулатылган.

Улуттук банк эсептик ченди өзгөртүү менен катар эле, пайыздык чектин алкагын да корректировкалаган: төмөнкү деңгээл болуп саналган “овернайт” депозиттери боюнча чен 2,75 пайыздан 5,50 пайызга чейин жогорулатылган, ал эми жогорку чекти аныктаган “овернайт” кредити боюнча чен 5,75 пайыздан 8,50 пайызга чейин жогорулатылган.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

Отчеттук мезгил ичинде банк системасында үстөк ликвиддүүлүк деңгээли жогорулагандыгы байкалган. Бул 2020-жылы мамлекеттик башкаруу органдарынын иш-аракеттери жана Улуттук банктын отчеттук жылдагы операциялары менен шартталган. Үстөк ликвиддүүлүктүн күндүк орточо көлөмү Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын жүргүзгөнгө чейин 17,8 млрд сомду түзгөн, бул 2020-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 1,5 млрд сомго көп.

Улуттук банк инфляциянын монетардык түзүмүн чектөө максатында, ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээлин жөнгө салган. Банк системасынан алынып салынган үстөк ликвиддүүлүктүн күнүмдүк орточо көлөмү 18,0 млрд сомду (2020-жылы – 16,1 млрд сом) түзгөн.

Үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу операциялары, негизинен, Улуттук банктын ноталарынын эсебинен жүргүзүлгөн. Мында Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмүндө ноталардын үлүшү 73,2 пайыздан 64,4 пайызга чейин кыскарган, айрыкча, мындай өзгөрүү жүгүртүү мөөнөтү 91 күндүк ноталарга тиешелүү. Отчеттук жыл ичинде ноталардын эсебинен арылтуунун күнүмдүк орточо көлөмү 2020-жылдагы 11,4 млрд сомдон 11,6 млрд сомго чейин өсүшү белгиленген.

Банктардын бош каражаттарынын Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштырылган көлөмү жыл ичинде 26,8 пайыздан 35,6 пайызга чейин өскөн. Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштыруунун күнүмдүк орточо көлөмү отчеттук жылда 1,7 млрд сомго көбөйүү менен 6,4 млрд сомду түзгөн (2020-жылы – 4,7 млрд сом).

***2.2.1-график.***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү




*Кредит саясаты*

2021-жылы коммерциялык банктардын Улуттук банктын кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстарын керектөөсү белгиленген. Кыска мөөнөттүү сом ликвиддүүлүгүнүн убактылуу ажырымын кыскартуу максатында, туруктуу негизде жеткиликтүү инструменттин алкагында коммерциялык банктарга “овернайт” кредиттери берилген, алардын дүң көлөмү 2021-жылы 20,8 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде банк системасында үстөк ликвиддүүлүк өскөндүгүнө байланыштуу, Улуттук банк өлкөдө инфляциялык басымды ооздуктоо максатында, кайра каржылоо инструменттери аркылуу узак мөөнөттүү сом ликвиддүүлүгүн сунуштоо операцияларын чектеген.

*Коммуникациялык саясат*

Инфляциялык күтүүлөр жогорулагандыгына байланыштуу, Улуттук банк кыйла жигердүү коммуникациялык саясатын жүргүзгөн. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасында жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө инфляциялык факторлорду жана экономикалык жагдайды өнүктүрүүнүн потенциалдуу тобокелдиктерин чагылдырууга өзгөчө көңүл бурулган. Ал эми монетардык саясат боюнча маалыматтын ачык-айкындыгы, мурдагыдай эле, коомчулуктун жана экономика субъекттеринин инфляция боюнча жана Улуттук банктын орто мөөнөттүү мезгилдеги акча-кредит чаралары боюнча рационалдуу күтүүлөрүн калыптандырууга багытталган.

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын ачык-айкындыгын жана ага калктын ишенимин жогорулатуу максатында, акча-кредит саясатынын жакынкы келечекке стратегиялык жана максаттуу көрсөткүчтөрү жарыяланып турган жана эсептик чен боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу пресс-релиздер чыгарылып, ошондой эле монетардык саясатка тиешелүү маселелер боюнча пресс-конференциялар өткөрүлгөн. Ал эми Улуттук банктын расмий

интернет-сайтына чейрек сайын акча-кредит саясаты жөнүндө отчет чыгарылып турган.

### 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

*Улуттук банктын ноталары*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын ачык рынокто колдонгон негизги инструменти катары Улуттук банктын ноталары саналган. Ноталар – банк системасында ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылуучу Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү ар башка болгон дисконттук баалуу кагаздары. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ноталар рыногун жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 күндүк ноталар түзгөн.

2021-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды сунуштоо көлөмү 305,8 млрд сомду түзгөн. Мында ноталарга суроо-талаптын көлөмү 2020-жылга (307,2 млрд сом) салыштырганда бир аз көбөйүп, 311,0 млрд сом чегинде катталган. Ал эми ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 280,2 млрд сомду түзгөн, бул 2020-жылдагы көрсөткүчтөн 1,3 пайызга көп.

Сатуунун басымдуу көлөмү Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарына (34,7 пайыз) туура келген, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталарды сатуу көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 31,5 жана 32,5 пайызды, 91 күндүк – 1,3 пайызды түзгөн.

***2.2.1.1-график.***
Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгил ичинде салыштырмалуу туруктуу болгон, олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес. 2020-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 1,5 пайыздык пунктка, 5,7 пайызга чейин өскөн.

Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2021-жылдын акырында жылдын башталышына (13,0 млрд сом) салыштырганда кыйла көбөйүү менен 18,5 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгилдин акырына карата ноталарга негизги ээлик кылуучулар катары төмөнкүлөр саналган: коммерциялык банктар – 87,2 пайыз, институционалдык инвесторлор – 11,6 пайыз, юридикалык жактар жана жеке адамдар-резиденттер – 1,2 пайыз.

### 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар

Улуттук банк акча рыногунун чендерине трансмиссиялык механизмдин таасирин күчөтүү чараларын уланткан. Натыйжада, акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендери бир калыпта болуп, эсептик чендин динамикасы менен жалпы багытта болгон. 2021-жыл ичинде чендер жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ боюнча кирешелүүлүктү кошпогондо, Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин алкагында болгон. Банк системасында кыска мөөнөттүү үстөк ликвиддүүлүк басымдуулук кылгандыктан, акча рыногунда кыска мөөнөттүү сегментте катышуучулардын жигердүүлүгү белгиленген.

***2.2.2.1-график.***

Акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы

*(пайыздар)*




*Банктар аралык кредит рыногу*

2021-жылы кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногундагы жигердүүлүк жогорку деңгээлде сакталып калган. Банктар аралык кредит рыногунда операциялардын жалпы көлөмү (Улуттук банк тарабынан берилген кредиттерди эске алуу менен) 2020-жылга салыштырганда 47,8 пайызга жогорулоо менен 55,2 млрд сомду түзгөн. Репо операциялар көлөмү 2020-жылга салыштырганда 17,5 пайызга, 28,9 млрд сомдон 34,0 млрд сомго чейин көбөйгөн.

***2.2.2.2-график.***

Банктар аралык ички кредит рыногунда бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн сом)*




Отчеттук жылы репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,9 пайыздык пунктка, 5,7 пайызга чейин жогорулаган. 2021-жылы банктар аралык рынокто чет өлкө валютасында бир кредит берилген, ал боюнча чен 7,0 пайызды түзгөн, бул 2020-жылдагы орточо чендерден 4,5 пайыздык пунктка жогору. Бул сыяктуу улуттук валютадагы бүтүмдөр келишилген эмес.

Репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 7 күндөн 5 күнгө чейин азайган, чет өлкө валютасындагы кредиттердин мөөнөтү 2 күндөн 5 күнгө чейин өскөн.

2021-жылы өлкөдө инфляциялык басымды чектөө максатында кредиттик аукциондор өткөрүлгөн эмес.

МАЗМУНУ

***2.2.2.1-таблица.***

Банктар аралык рыноктун орточо салмактанып алынган пайыздык чендери жана Улуттук банктын чендери (бир мезгил ичинде)

*(пайыздар)*

| | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| **Банктар аралык рыноктогу чендер** | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | - | - |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 2,5 | 7,0 |
| Репо операциялары боюнча чен | 3,8 | 5,7 |
| **Улуттук банк менен операциялар боюнча чендер** | | |
| "Овернайт" кредиттери боюнча чен | 5,8 | 7,3 |
| "Овернайт" депозиттери боюнча чен | 2,6 | 4,3 |
| Кредиттик аукциондор боюнча чен | 4,9 | - |

*Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу*

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 айлык аукциондорду өткөргөн эмес. Ошентип, мамлекеттик баалуу кагаздардын кыска мөөнөттүү сегменти жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ менен гана сунушталган.

2021-жылдын ноябрь айынан тартып Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги биринчи жолу жүгүртүү мөөнөтү 15 жана 20 жылдык МКОну чыгара баштаган. Отчеттук жылдын акырында 2 жылдан 20 жылга чейинки мамлекеттик казына облигациялары жүгүртүүдө болгон.

### 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары

*Кайра каржылоо инструменттери*

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого жана өзгөрүлмөлүүлүктү текшилөөгө багытталган инструменттердин бири болуп саналат.

Улуттук банктын кайра каржылоо инструменттери төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган “бир күндүк” кредит;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында суткасына акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– экономиканын жана региондордун айрым тармактарын кредиттөө жана ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн акы төлөө негизинде, коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында, улуттук валютада жүргүзүлгөн кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;
– банк системасынын бүтүндүгүн камсыз кылуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоо жана аманатчылардын таламын коргоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит;
– COVID-19 пандемиясынын терс таасирин басаңдатуу максатында, коммерциялык банктарга сунушталуучу кредит;
– Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлүүчү эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
– акыркы инстанциядагы кредит өзгөчө учурларда гана ишинде олуттуу финансылык проблемалар орун алган коммерциялык банктарга сунушталат;
– Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыздоо, аманатчылардын таламын коргоо, системалуу тобокелдиктерге жол бербөө жана банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине сунушталуучу кредит.

Кыргыз Республикасында инфляциялык басым жогорулашынан улам, Улуттук банк кредиттик аукциондорду өткөрүүнү чектеген. Мындай чара банк системасында үстөк ликвиддүүлүктүн жогору деңгээли сакталышы менен шартталган.

Мында коммерциялык банктарга акча-кредит саясатынын туруктуу негизде пайдаланууга сунушталган инструменттери – “бир күндүк” жана “овернайт” кредиттери жеткиликтүү болгон. Отчеттук мезгил ичинде берилген “бир күндүк” кредиттердин дүң көлөмү 401,2 млн сомду түзгөн, бул 2020-жылдагы көрсөткүчтөн (281,9 млн сом) 42,3 пайызга көп. Ал эми “овернайт” кредиттеринин көлөмү 20 821,7 млн сомду түзүп, өткөн жылдагы көрсөткүчтөн (3 533,7 млн сом) 5,9 эсеге көп болгон.

***2.2.3.1-таблица.***
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген кредиттер
*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бир күндүк кредиттер*** | | | | | |
| 2020-ж. | 111,4 | 170,5 | - | - | **281,9** |
| 2021-ж. | - | 401,2 | - | - | **401,2** |
| **"Овернайт" кредиттери** | | | | | |
| 2020-ж. | 1 624,2 | 1 909,5 | - | - | **3 533,7** |
| 2021-ж. | 224,2 | 14 178,7 | 826,1 | 5 592,8 | **20 821,7** |
| **Кредиттик аукциондор**** | | | | | |
| 2020-ж. | 285,0 | 2 405,0 | 800,0 | - | **3 490,0** |
| 2021-ж. | - | - | - | - | **0,0** |
| **COVID-19 пандемиясынын терс таасирин басаңдатуу максатында берилген кредиттер** | | | | | |
| 2020-ж. | 80,2 | 320,0 | - | - | 400,2 |
| 2021-ж. | - | - | - | - | **0,0** |
| **Эл аралык уюмдарга берилген кредиттер** | | | | | |
| 2020-ж. | 150,0 | - | - | 50,0 | **200,0** |
| 2021-ж. | - | - | - | - | **0,0** |

** “Овернайт” кредитине кайра таризделген бир күндүк кредиттерди кошо алганда*
*** Көрсөтүлгөн мезгил ичинде иш жүзүндө берилген кредиттердин көлөмү*



## 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

2021-жылы валюта рыногундагы жагдай коронавирус инфекциясынын андан ары жайылышына, дүйнөнүн экономикасы өнүккөн өлкөлөрүндө финансылык жана чийки зат рынокторуна таасирин тийгизген монетардык жана фискалдык колдоо чаралары колдонулушуна байланыштуу түптөлгөн. Улуттук банк валюта тооруктарына ички валюта рыногунун конъюнктурасына жараша жана ошол учурдагы өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режиминде катышкан.

*Валюталык интервенциялар*

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде валюта рыногундагы жагдай чет өлкө валютасына суроо-талап сунуштоо көлөмүнөн басымдуулук кылышы менен мүнөздөлгөн. Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн текшилөө максатында, 158,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө чет өлкө валютасын сатуу операцияларын жүргүзгөн.

Ошондой эле экинчи чейректе да чет өлкө валютасына суроо-талаптын жогорулагандыгы байкалган. Улуттук банк экинчи чейректе 112,5 млн АКШ долларын саткан.

Ал эми үчүнчү чейрек ичинде валюта рыногундагы жагдай салыштырмалуу туруктуу болгондугу байкалган. Суроо-талап менен сунуштун тең салмактуулугу көзөмөлдөнүп турган. Алмашуу курсуна болгон басым сентябрдын акырында күчөп, Улуттук банк 33,1 млн АКШ доллары суммасында бир жолку интервенция жүргүзгөн.

2021-жылдын төртүнчү чейрегинде валюта рыногундагы абалга тышкы жана ички факторлор таасирин тийгизген. Экономикалык жигердүүлүктүн акырындап калыбына келишине байланыштуу, ички рынокто чет өлкө валютасына суроо-талап кайрадан калыбына келген, бул сезондук суроо-талаптын өсүшүн жана импорттук контракттарды тейлөө зарылдыгын шарттаган. Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмү кыскарып, нак жана нак эмес түрдөгү чет өлкө валютасына суроо-талап басымдуулук кылышы байкалган. Чет өлкө валютасына

туруктуу суроо-талап менен алмашуу курсуна болгон басымдан улам, Улуттук банк отчеттук жылдын төртүнчү чейрегинде валюта тооруктарына жигердүү катышкан. Улуттук банк тарабынан 433,4 млн АКШ доллары, анын ичинен 38,0 млн АКШ доллары нак түрдө сатылган.

***2.2.4.1-график.***
Улуттук банктын 2021-жыл ичинде чет өлкө валютасы менен операциялары






Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк чет өлкө валютасын сатып алуу операцияларын жүргүзгөн эмес.

АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 2021-жыл ичинде 1,5 пайызга өсүп, отчеттук жылдын акырына карата 1 АКШ доллары үчүн 84,7586 сомду түзгөн.

*Валюта рыногунда операциялардын жалпы көлөмү*

2021-жылы COVID-19 пандемиясынын таасиринен дүйнөлүк экономика жана Кыргыз Республикасынын экономикасы акырындап калыбына келишине байланыштуу, валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу операцияларынын көлөмү 53,1 пайызга, 1 533,3 млрд сом эквивалентине чейин өсүшү байкалган. Операциялар көлөмү бардык валюталар боюнча өсүшү белгиленген.

***2.2.4.2-график.***
Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү



*Своп-операциялар*

Отчеттук мезгилде коммерциялык банктардын ички рынокто жүргүзүлгөн своп-операцияларынын жалпы көлөмү сыяктуу эле, резидент эмес банктар менен ишке ашырылган своп-операцияларынын жалпы көлөмү да 2020-жылдагы[1] көрсөткүчкө салыштырганда, 5,3 пайызга көбөйүү менен 1,4 млрд АКШ долларын түзгөн. Улуттук банк отчеттук мезгилде своп-операцияларды жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорундагы алмашуу курсунун динамикасы*

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда орус рублин сатуунун орточо курсу бир орус рубли үчүн 1,1406 сомду түзүп, 2020-жылдын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 2,3 пайызга жогорулап, АКШ долларын сатуунун орточо курсу 2,0 пайызга жогорулоо менен 84,8808 сом/АКШ долларын түзгөн. Ал эми еврону жана казак теңгесин алмашуу бюролорунда сатуунун орточо курсу, тескерисинче, тиешелүүлүгүнө жараша 5,6 пайызга (96,0580 сом/еврого чейин) жана 2,3 пайызга (0,1935 сом/теңгеге чейин) төмөндөгөн.

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

*Милдеттүү камдык талаптардын ченемдери*

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредиттик жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат. Милдеттүү камдык талаптар – бул коммерциялык банктар жана аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар тарабынан Улуттук банктын талаптарына ылайык, резервдеги активдерде сакталууга тийиш болгон акча каражаттарынын суммасы.

Улуттук банк Башкармасы милдеттүү кам өлчөмүн жана аларды аткаруу регламентин жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын багытына жараша аныктайт.

2021-жыл ичинде эсептөө базасына кирген милдеттенмелери боюнча милдеттүү камдардын колдонуудагы ченемдери сакталып калган. Экономиканы доллардан арылтуу чаралары колдонулган шартта, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү кам өлчөмү 14,0 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтырылган. Ал эми улуттук валютада жана (ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн жана кытай юаны) беш валютадагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү камдык талаптардын өлчөмү 4,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Кардарлардын жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча банктардын милдеттенмелери боюнча милдеттүү кам өлчөмү, мурдагыдай эле, нөл деңгээлинде сакталып калган.

Милдеттүү камдык талаптарды жумалык негизде аткаруу үчүн, Улуттук банкта корреспонденттик эсептеги каражаттардын коммерциялык банктар үчүн белгиленген минималдуу чектүү деңгээли тиешелүү мезгилге карата аныкталган банктын милдеттүү камдарынын көлөмүнүн 70,0 пайызы деңгээлинде сакталып калган.

Отчеттук жыл ичинде милдеттүү камдык талаптар боюнча ченемдик укуктук базаны өнүктүрүү максатында, ал жеткис күч (форс-мажордук) жагдайларынын натыйжасында, Пакеттик клиринг системасынын (ПКС), Автоматташтырылган тоорук системасынын (АТС) жана Айкын убакыт аралыгында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын (ГСРРВ) иши үзгүлтүккө учурашына байланыштуу, банктар милдеттүү камдык талаптарды сактабаган учурда, айыптык санкциялардын белгиленбеши тууралуу каралган.

2021-жылы милдеттүү камдардын көлөмүнүн күнүмдүк минималдуу чектүү деңгээлин сактабагандыгы үчүн, эки коммерциялык банкка айыптык санкциялар салынган.

[1] 2020-жыл ичинде банктар тарабынан киргизилген корректировкаларды эске алуу менен коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун (ПРБО) маалыматтары пайдаланылган.

## 2.3. Эл аралык резервдерди тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк ликвиддүүлүк артыкчылыктарын жана алардын коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен эл аралык резервдерди өз алдынча түзөт, аларга ээлик кылат жана тескейт.

Банктын инвестициялык саясатын, эл аралык резервдер портфелинин түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынган. 2021-жылы Инвестициялык комитет эл аралык резервдерди тескөө маселелери боюнча 18 отурум өткөргөн. Эл аралык резервдерди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттер, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөтү боюнча критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленген.

Эл аралык резервдерди тескөө Инвестициялык саясатта жана Тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатында белгиленген.

*Эл аралык резервдер көлөмү*

2021-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдер көлөмү жыл ичинде 169,5 млн АКШ долларына же 6,0 пайызга көбөйүү менен 2 977,6 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн. Улуттук банктын эл аралык резервдеринин курамына алтын түрүндөгү активдер, Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет.

***<u>2.3.1-график.</u>***

Дүң эл аралык резервдер динамикасы

*(млн АКШ доллары)*




2021-жыл ичинде дүң эл аралык резервдер көлөмүнө Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык резервдин курамына кирген валюталардын курсунун өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүүсү; эл аралык резервдерди тескөөдөн алынган кирешелер; ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операциялар; өлкөнүн ички рыногунда жүргүзүлгөн Улуттук банктын валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Улуттук банктын пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү таасирин тийгизген.

***2.3.1-таблица.***
Эл аралык резервдер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

*Эл аралык резервдер түзүмү*

| | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 59,3 | 67,5 |
| Алтын | 36,2 | 19,9 |
| Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) | 4,5 | 12,6 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

2021-жылы эл аралык резервдердин валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: австралия доллары, англия фунт стерлинги, АКШ доллары, евро, канада доллары, кытай юаны, орус рубли, сингапур доллары, швейцария франкы, түштүк корея вону, япон йени, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин операцияларын тейлөө үчүн башка валюталар.

Улуттук банктын контрагенттеринен болуп борбордук банктар, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк коммерциялык банктар саналат.

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, резервдик активдер менен иш портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоого алууну камсыз кылган.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды, анын ичинде мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Министрлер Кабинетинин чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн жүргүзүү үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык резервдердин бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык резервдерди баалуу кагаздарга жана мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык инструменттерде, эл аралык жогорку рейтингге ээ чет өлкөлүк борбордук жана коммерциялык банктарда жайгаштырылган.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

2021-жылы жүргүзүлгөн акча-кредит саясаты тышкы тең салмаксыздык терс таасирин тийгизгендигине байланыштуу өлкөдө инфляциялык процесстерди оздуктоого өбөлгө түзгөн.

Инфляция, негизинен, монетардык эмес факторлор менен шартталган, анын ичинен дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшү эң башкысы болуп саналат. Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде негизги азык-түлүк товарларына баалардын кыйла өзгөрүлмөлүүлүгү байкалган, ал эми жыл ортосунда азык-түлүк боюнча инфляциянын кескин тездеши белгиленген.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2021-жылы керектөө бааларынын (2021-жылдын декабрь айы 2020-жылдын декабрына карата) жалпы деңгээли жылдык мааниде 11,2 пайызга өскөн. Ошол эле учурда жылдык инфляциянын орточо мааниси 2019-жылдан 2021-жылга чейин 6,5 пайызды түзүп, Улуттук банктын орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчүнөн ашкан эмес.

***2.4.1-график.***
Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли




Азык-түлүк товарларына баалардын өсүшү глобалдуу инфляциялык тенденциялар, ошондой эле өлкөдө түшүм алууга жана айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө терс таасирин тийгизген 2021-жылдын жаз-жай мезгилдеринде аба-ырайынын жагымсыз шарттарына байланыштуу ички рыноктогу факторлор менен шартталган.

Азык-түлүк товарларына баалар (2021-жылдын декабрь айы 2020-жылдын декабрына карата) 13,3 пайызга өскөндүгү белгиленген. Азык-түлүк тобунда, айрыкча, жашылчаларга жана мөмө-жемиштерге, эт азыктарына, күн карама майына жана кантка карата баалар жогорулаган.

Ал эми азык-түлүктөн башка товарлар тобу жылдык мааниде 9,7 пайызга кымбаттаган. Отчеттук мезгилде товарлардын бул категориясына, негизинен, Россиянын мунайды кайра иштетүү заводдорунда чыгаруу баасынын жогорулашына байланыштуу, КММ бааларынын өсүшү, кийим-кече жана бут кийимге баалардын көтөрүлүшү, коомдук транспорттун кызматына тарифтердин жогорулашы, сезонго байланыштуу көмүрдүн баасынын өсүшү, ошондой эле керектөөчүлөрдүн белгилүү бир топтору үчүн электр энергиясына тарифтердин жогорулашы салымын кошкон. Ошондой эле акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшү белгиленген. 2021-жылдын башталышында план боюнча тамеки заттарына акциздик чендердин көбөйтүлүшү эсебинен байкоого алынган мезгилде алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баалардын индекси 11,4 пайызга жогорулаган.

2021-жылы рыноктук инфляция[1] жыл акырына карата 6,8 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

[1] УСК тарабынан эсептелет: баалары олуттуу сезондук/кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон же мамлекеттик органдардын административдик чечимдери менен аныкталган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр баалардын жалпы индексинен алынып салынат.

**2.4.2-график.**

Керектөө баа индексинин өсүш арымына салым




*Акча рыногу*

Отчеттук мезгил ичинде улуттук валютада кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногундагы кыска мөөнөттүү чендери пайыздык чектен ашкан эмес, "овернайт" депозиттери жана кредиттери боюнча чендер анын чеги болуп саналат. Акча рыногунун чендери Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык келген.

2021-жылы эсептик ченди жогорулатуу менен катар эле, пайыздык чендин төмөнкү жана жогорку чеги корректировкаланган: "овернайт" депозиттери боюнча чен 2,75 пайыздан 5,50 пайызга чейин, ал эми "овернайт" кредиттери боюнча – 5,75 пайыздан 8,50 пайызга чейин жогорулатылган.

**2.4.3-график.**

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы




МАЗМУНУ

*Акча базасы*

2021-жылы акча базасы жыл акырына карата 6,5 пайызга же 9,6 млрд сомго көбөйүү менен 156,9 млрд сомду түзгөн. Акча базасынын өсүшүнө Улуттук банктын 13,2 млрд сом өлчөмүндөгү операциялары салымын кошкон, ал эми мамлекеттик башкаруу органдарынын операциялары акча базасын 3,7 млрд сомго кыскарткан.

***2.4.4-график.***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы
(бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча[1] M2X акча топтому (чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы) 19,1 пайызга 339,8 млрд сомго чейин өсүшү белгиленген. Бул көрсөткүчтүн көбөйүшүнө, негизинен, депозиттердин 33,4 пайызга, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттердин 35,2 пайызга жана чет өлкө валютасындагы депозиттердин 30,9 пайызга көбөйүшү таасирин тийгизген. Банктардан тышкаркы акча каражаттарынын көрсөткүчү отчеттук жыл ичинде 0,5 пайызга көбөйүү менен дээрлик өзгөргөн эмес. Кеңири мааниде колдонулуучу улуттук валютадагы акча массасы (M2 акча топтому) 2021-жылдын акырына карата 15,6 пайызга 253,2 млрд сомго чейин өскөн.

[1] Акча топтомдору боюнча келтирилген маалыматтар коммерциялык банктар финансылык жылды жапкандан кийин корректировкаланышы мүмкүн.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

2021-жылы финансы-кредит уюмдарынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү узакка созулган COVID-19 пандемиясы шарттарында калкка финансылык кызматтарды сунуштоо үчүн жетиштүү деңгээлде туруктуу экендигин көрсөткөн.

Банк секторунун капитал шайкештигинин жогорку деңгээли финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу, натыйжалуу иштөө жана банк секторунун туруктуулугун камсыз кылуу үчүн потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

Улуттук банк тарабынан өлкөнүн банк жана финансы системаларында туруктуулукту камсыздоо, банк, төлөм жана микрофинансылык кызматтарды өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чаралар жүргүзүлгөн. Мында COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылып кетишинен улам банк системасы үчүн кризистин кесепеттерин текшилөөгө, банктык тобокелдиктерди азайтууга, санарип банктык кызматтарды сунуштоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, ошондой эле ислам каржылоо принциптери боюнча кызматтарды арттырууга өзгөчө көңүл бурулган.

Өкмөттүн программалары менен катар Улуттук банк тарабынан көрүлүп жаткан чакан жана орто бизнес ишин колдоого жана калыбына келтирүүгө багытталган чаралар финансы-кредит уюмдарынын калкты кредиттөө ишин арттыруусуна шарт түзгөн.

Банктардын жыйынды кредит портфели 2021-жыл ичинде 11,8 пайызга өсүп, 181,8 млрд сомду түзгөн. Финансылык ортомчулуктун жалпы деңгээли (активдердин ИДӨгө карата катышы) жогорулап, 49,9 пайызды түзгөн (2020-жылдын акырына – 48,4 пайыз). Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 2021-жыл ичинде 242,9 млрд сомду түзүү менен 34,3 пайызга өскөн, анын ичинде жеке адамдардын депозиттери 16,7 пайызга, юридикалык жактардын депозиттери 58,6 пайызга жогорулаган.

Жыл жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдарынын (БФКУ) жыйынды активдери 4,6 млрд сомго же 16,3 пайызга көбөйүп, 33,1 млрд сомду түзгөн. БФКУнун кредит портфели 2020-жылга салыштырганда 4,9 млрд сомго же 21,1 пайызга жогорулап, 28,0 млрд сомду, анын ичинде 1,0 млрд сом сумманы ислам каржылоо принциптери же БФКУнун кредит портфелинин 3,7 пайызы түзгөн. Жыл акырына карата тартылган депозиттер 2020-жылга караганда 0,5 млрд сомго же 49,9 пайызга көбөйүү менен 1,6 млрд сом чегинде калыптанган.

Улуттук банк 2021-жылы көзөмөлдөө чараларын жүргүзүү инструменттерин жана механизмдерин өркүндөтүү, анын ичинде финансы-кредит уюмдарында тобокелдиктерди алдын алуу боюнча жигердүү ишин уланткан.

## 3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2021-жылы банк системасынын негизги иш көрсөткүчтөрү: активдер, кредит портфели, депозиттер жана капитал андан ары жогорулаган. Кредит боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү башка факторлор менен бирге калк жана уюмдар тарабынан карыздык каражаттардан пайдалануусун жогорулаткан, бул банктар тарабынан каржылоо көлөмүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Депозиттер

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетко (ПРБО) ылайык.

МАЗМУНУ

көлөмүнүн өсүп жатышы калктын банктарга ишеними жогорулагандыгын тастыктайт. Отчеттук мезгилде банктардын капиталынын өлчөмүнүн көбөйүшү банк системасынын ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун чыңдоого өбөлгө түзгөн.

2021-жылы 23 коммерциялык банк иш жүргүзгөн, анын ичинен 16 банк чет өлкө капиталына ээ. Банктардын уставдык капиталы 31,2 млрд сомдон 37,0 млрд сомго чейин өскөн. Банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү көп өзгөргөн эмес жана 29,2 пайызды түзгөн.

*Банк системасынын активдери*

Банк тутумунун суммардык активдери 24,8 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына 361,1 млрд сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги бөлүгү кредиттерге туура келип, алардын үлүшү 50,3 пайызды түзгөн.

***3.1.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 162,6 | 56,2 | 181,8 | 50,3 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 39,8 | 13,7 | 62,6 | 17,3 |
| Баалуу кагаздар портфели | 21,9 | 7,6 | 33,4 | 9,3 |
| Акча каражаттары | 24,2 | 8,4 | 30,1 | 8,4 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 14,2 | 4,9 | 18,8 | 5,2 |
| Негизги каражаттар | 15,6 | 5,4 | 17,1 | 4,7 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 2,1 | 0,7 | 1,2 | 0,3 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,3 | 0,1 | 0,3 | 0,1 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,5 | 0,2 | 1,0 | 0,3 |
| Атайын РППУ* | -15,6 | -5,4 | -18,1 | -5,0 |
| Башка активдер | 23,7 | 8,2 | 32,9 | 9,1 |
| **Бардыгы болуп** | **289,3** | **100,0** | **361,1** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резервди түшүнүү зарыл*

Коммерциялык банктар акча каражаттары, кыска мөөнөттүү активдер түрүндө жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде жайгаштыруучу жогору ликвиддүү каражаттар көлөмү отчеттук мезгилде 42,5 пайызга жогорулап, 2021-жылдын акырына карата 111,5 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 30,9 пайызын түзгөн.

Классификацияланбаган активдердин жана балансган тышкаркы милдеттенмелердин көлөмү активдердин жалпы көлөмүнүн 90,9 пайызын же 294,1 млрд сомду, ал эми классификацияланган активдердин үлүшү 9,1 пайызды же 29,5 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.2-таблица.***

Банктардын активдерин жана балланстан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо

*(пайыздарда)*

| Категориясы | Активдер жана балланстан тышкаркы милдеттенмелер | |
|---|---|---|
| | 2020-жыл | 2021-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **90,2** | **90,9** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 61,0 | 67,4 |
| Канааттандыраарлык | 8,4 | 9,2 |
| Байкоого алынган | 20,8 | 14,3 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **9,8** | **9,1** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 4,5 | 3,6 |
| Шектүү | 1,6 | 1,4 |
| Жоготуулар | 3,7 | 4,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 181,8 млрд сомду түзүү менен 11,8 пайызга өскөн.

***3.1.1.1-график.***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Кредит портфелинин өсүшү улуттук валютада кредиттөө көлөмүнүн 20,2 пайызга, 131,0 млрд сомго чейин өсүшүнүн эсебинен шартталган. Чет өлкө валютасында кредиттөө көлөмү 5,0 пайызга төмөндөп, 50,8 млрд сомду түзгөн.

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттерди эске алуусуз.

***3.1.1.2-график.***

Банктардын кредит портфелинин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылдын акырына карата кыска мөөнөттүү кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 20,8 пайызга жогорулаган, ал эми мөөнөтү бир жылдан ашкан кредиттердин көлөмү 10,3 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин дюрациясынын 32,9 айдан 32,1 айга чейин төмөндөшүн шарттаган. Карыз алуучулардын саны 12,9 пайызга өсүп, 477,3 миң жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн.

*Кредит портфелинин долларлашуусу*

Кредит портфелинин долларлашуу деңгээлинин төмөндөшү уланып, 2021-жыл жыйынтыгы боюнча 2020-жылга салыштырганда 5,0 пайыздык пунктка, 27,9 пайызга чейин азайган.

***3.1.1.3-график.***

Банктардын кредит портфелинин долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

Экономиканын негизги чөйрөлөрүн кредиттөө көлөмүнүн өсүшү сакталып турган. Кредиттер көлөмүнүн көбүрөөк өсүшү соода жана коммерциялык операциялар (9,5 млрд сомго), керектөө кредиттери (4,8 млрд сомго), айыл чарба (2,7 млрд сомго), ипотека (2,7 млрд сомго) сыяктуу секторлордо катталган. Кредиттөө көлөмүнүн төмөндөшү өнөр жай (0,2 млрд сомго) жана курулуш (0,2 млрд сомго) чөйрөлөрүндө белгиленген.

***3.1.1.4-график.***

Банктардын экономика тармактары боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда кредит портфелинин көлөмү көбөйгөндүгү байкалган. Бишкек шаарында кредит портфелинин өсүшү 9,4 млрд сомду, Ош шаарында жана Ош областында – 3,8 млрд сомду, Жалал-Абад областында – 2,1 млрд сомду, Ысык-Көл областында – 1,2 млрд сомду, Талас областында – 0,9 млрд сомду, Нарын областында – 0,7 млрд сомду, Баткен областында – 0,7 млрд сомду, Чүй областында – 0,6 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.3-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 91,1 | 56,3 | 100,4 | 55,4 |
| Ош шаары жана Ош областы | 19,4 | 12,0 | 23,1 | 12,8 |
| Жалал-Абад областы | 14,0 | 8,6 | 16,1 | 8,9 |
| Чүй областы | 11,9 | 7,3 | 12,5 | 6,9 |
| Ысык-Көл областы | 8,3 | 5,2 | 9,6 | 5,3 |
| Нарын областы | 6,7 | 4,1 | 7,4 | 4,0 |
| Талас областы | 5,3 | 3,3 | 6,3 | 3,5 |
| Баткен областы | 5,1 | 3,2 | 5,8 | 3,2 |
| **Бардыгы болуп** | **161,8** | **100,0** | **181,2** | **100,0** |

** Кредит портфели дисконтту эске алуу менен чагылдырылган*

Коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютада 16,2 пайыз (0,1 пайыздык пунктка жогорулоо), ал эми чет өлкө валютасында – 8,9 пайыз (0,4 пайыздык пунктка төмөндөө) чегинде калыптанган. Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) улуттук валютада өзгөрүүсүз калып, жыл акырына карата 14,8 пайызды түзгөн.

***3.1.1.5-график.***

Банктардын кредит портфелинин орточо салмактанып алынган пайыздык чендери




*Классификацияланбаган кредиттер жана РППУ*

Кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 2020-жылга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка жогорулап, 11,1 пайызды же 20,2 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгилде кредит портфелинин көлөмүнүн өсүшү шартында РППУга чегерүүлөр кредит портфелинин 1,4 пайызын түзгөн (2020-жылы – 2,1 пайыз).

***3.1.1.4-таблица.***

Банктардын кредиттерин классификациялоо

*(пайыздар)*

| Категориясы | Кредиттер | |
|---|---|---|
| | 2020-жыл | 2021-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **89,5** | **88,9** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 45,8 | 51,1 |
| Канааттандырарлык | 10,7 | 11,5 |
| Байкоого алынган | 33,0 | 26,3 |
| **Бардыгы болуп классификацияланганда**р | **10,5** | **11,1** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 4,5 | 4,3 |
| Шектүү | 1,9 | 1,7 |
| Жоготуулар | 4,1 | 5,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Жаңыдан берилген кредиттер*

2021-жылы коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2020-жылга салыштырганда 36,0 пайызга өсүп, 158,2 млрд сомду түзгөн, бул 125,9 млрд сомду түзгөн улуттук валютада берилген кредиттер көлөмүнүн 35,2 пайызга, ал эми 32,3 млрд сом эквиваленттин түзгөн чет өлкө валютасында берилген кредиттер көлөмүнүн 39,3 пайызга жогорулашына байланыштуу болгон.

Жыл ичинде берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен төмөндөгөндүгү белгиленген. Улуттук валютада пайыздык чендин орточо мааниси 0,4 пайыздык пунктка азаюу менен 16,6 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы көрсөткүч 0,9 пайыздык пунктка төмөндөп, 7,8 пайыз чегинде түптөлгөн.

*Банк тутумунун милдеттенмелери*

2021-жыл жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 27,1 пайызга, 309,4 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасында милдеттенмелердин үлүшү 2020-жылга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка азайып, 2021-жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 40,5 пайызын түзгөн.

***3.1.1.5-таблица.***
Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 61,2 | 25,1 | 68,2 | 22,0 |
| Эсептешүү эсептери | 52,0 | 21,3 | 88,8 | 28,7 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 46,9 | 19,3 | 56,9 | 18,4 |
| Алынган кредиттер | 23,7 | 9,7 | 23,8 | 7,7 |
| Өкмөттүн депозиттери | 9,2 | 3,8 | 15,5 | 5,0 |
| Резидент эместердин депозиттери | 11,6 | 4,8 | 13,5 | 4,4 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 6,5 | 2,7 | 4,1 | 1,3 |
| Өкмөттүн кредиттери | 7,6 | 3,1 | 4,5 | 1,5 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 4,1 | 1,7 | 5,8 | 1,9 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,3 | 0,1 | 0,3 | 0,1 |
| Башка милдеттенмелер | 20,4 | 8,4 | 28,0 | 9,0 |
| **Бардыгы болуп** | **243,5** | **100,0** | **309,4** | **100,0** |

Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндөгү депозиттик базанын үлүшү 78,5 пайызга чейин жогорулаган, бул 2020-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 4,2 пайыздык пунктка жогору.

***3.1.1.6-график.***
Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




*Депозиттик база*

2021-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кардарларынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү жыл башынан тартып 34,3 пайызга көбөйүү менен 242,9 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 38,3 пайызга, 143,0 млрд сомго чейин өскөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 28,9 пайызга, сом эквивалентинде 100,0 млрд сомго чейин өскөн. Аманатчылардын саны өсүп, жыл акырына карата 3,9 млн жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн, бул 2020-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 29,4 пайызга көп.

***3.1.1.7-график.***

Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын долларлашуусу*

Депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 2020-жылга салыштырганда 1,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 41,2 пайызды түзгөн.

***3.1.1.8-график.***

Банктардын депозиттик базасынын долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын жалпы түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө алардын үлүшү депозиттердин суммардык көлөмүнүн 10,9 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн узак мөөнөттүү аманаттардын (бир жылдан жогору) үлүшүнүн көбөйүшү сыяктуу эле, кыска мөөнөттүү аманаттардын да (депозиттердин суммардык көлөмүндөгү үлүш – 22,2 пайыз) көбөйүшү катталган. Натыйжада депозиттик базанын дюрациясы 2020-жылдагы 5,1 айдан 2021-жылы 4,6 айга чейин кыскарып, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы 0,5 пайыздык пунктка, 14,0 айга жогорулаган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2021-жылдын акырына карата жыл ичинде 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2021-жылдын акырына 5,6 пайызды түзгөн. Чет өлкө

валютасындагы депозиттер боюнча ушул сыяктуу көрсөткүч 0,9 пайызга чейин (0,3 пайыздык пунктка) төмөндөгөн.

*Жаңы кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан 2021-жылы кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2020-жылга салыштырганда 40,7 пайызга жогорулап, 909,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 39,8 пайызга өсүп, 629,7 млрд сомду түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 42,7 пайызга өсүп, 279,3 млрд сомду түзгөн. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү талап боюнча төлөнүүчү депозит эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыздалган.

Жыл ичинде улуттук валютада тартылган депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 1,3 пайызды түзүү менен 2020-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,1 пайыздык пунктка азайган, ал эми чет өлкө валютасында бул көрсөткүч 0,3 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калган. Ушул эле учурда улуттук валютада тартылган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2020-жылга салыштырмалуу 1,1 пайыздык пунктка, 10,2 пайызга чейин жогорулаган, ал эми чет өлкө валютасында – 0,3 пайыздык пунктка, 2,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

***3.1.1.9-график.***

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендери




*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын[2] өлчөмү 2021-жылы 11,5 пайызга өсүп, 52,4 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын[3] мааниси 18,4 пайызга, 37,0 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Банк секторунун капитал шайкештигинин көрсөткүчү анын туруктуулугун тастыктоодо. Мында 2021-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун капитал шайкештигинин (К 2.1.) деңгээли 22,2 пайызды түзүү менен белгиленген ченемден (12 пайыздан кем эмес) эки эсеге жогору түптөлгөн, бул финансылык ортомчулук деңгээлинин андан ары да жогорулашы үчүн мүмкүнчүлүктүн болушун тастыктайт.

[1] Жыл ичинде тартылган депозиттердин көлөмүнө эсептешүү эсебине түшкөн каражаттар кирген эмес.

[2] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, банктын уставдык капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, түзүлгөн резервдерди камтыган эсептешүү көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[3] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

***3.1.1.10-график.***

Банктардын капитал базасында көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




** 2020-жылдын 1-январына чейин бул көрсөткүч “Левераж (К 2.3.)” деп аталган*

2021-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын таза пайдасы 2020-жылга салыштырмалуу 56,2 пайызга жогорулап, 3,6 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.6-таблица.***

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү
*(млрд сом)*

| Категориясы | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 24,7 | 27,2 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 9,1 | 9,8 |
| ***Таза пайыздык киреше*** | ***15,6*** | ***17,3*** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 3,4 | 2,6 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше*** | ***12,2*** | ***14,8*** |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 17,4 | 17,5 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 11,1 | 10,4 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 14,9 | 16,7 |
| ***Таза операциялык киреше (чыгым)*** | ***3,6*** | ***5,1*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 0,8 | 1,0 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 2,7 | 4,1 |
| Пайдага салык | 0,4 | 0,5 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **2,3** | **3,6** |

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2021-жыл ичинде 0,9 пайыздан 1,2 пайызга чейин өскөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 5,5 пайыздан 7,8 пайызга чейин жогорулаган.

***3.1.1.11-график.***

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү




## 3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

*Лицензия берүү*

Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо Улуттук банк өз ыйгарым укуктарынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырган банктык көзөмөлдүн бир бөлүгү болуп саналат.

2021-жыл ичинде бир коммерциялык банкка "ислам терезеси" аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валютасында ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык банктык операцияларды жүзөгө ашыруу укугуна лицензия берилген.

***3.1.2.1-таблица.***

Филиалдардын, сактык жана көчмө кассалардын саны

*Филиалдар, сактык жана көчмө кассалар*

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-жыл | 2021-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
| Бишкек шаары | 74 | 76 | 243 | 250 | 41 | 31 |
| Баткен областы | 23 | 23 | 62 | 61 | 8 | 8 |
| Жалал-Абад областы | 46 | 46 | 147 | 147 | 37 | 24 |
| Ысык-Көл областы | 39 | 39 | 53 | 56 | 18 | 20 |
| Нарын областы | 18 | 19 | 24 | 24 | 6 | 4 |
| Ош областы | 58 | 57 | 171 | 174 | 45 | 41 |
| Талас областы | 18 | 18 | 25 | 25 | 7 | 9 |
| Чүй областы | 36 | 34 | 65 | 65 | 37 | 34 |
| **Бардыгы болуп** | **312** | **312** | **790** | **802** | **199** | **171** |

2021-жылы коммерциялык банктар тарабынан республика боюнча беш филиал, 38 сактык касса жана 16 көчмө касса ачылган. Ошол эле учурда, ар кайсы коммерциялык банктын беш филиалы, 26 сактык кассасы жана 44 көчмө кассасы жабылган.

### 3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

2021-жыл ичинде Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптерин сактоо менен, ошондой эле финансылык абалды, башкаруу сапатын, экономикалык ченемдерди жана мыйзамдарда белгиленген башка талаптарды эске алуу менен аралыктан иликтөө жана жерине барып текшерүү аркылуу банктардын ишин көзөмөлдөп турган. Мында, COVID-19 пандемиясына байланыштуу түптөлгөн жагдайлардан улам алардын сапаты начарлап кеткен кредиттерди иликтеп чыгууга өзгөчө көңүл бурулган.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

"12 пайыздан кем эмес" ченемде белгиленген суммардык капиталдын шайкештигинин көрсөткүчү жыл жыйынтыгы боюнча 22,2 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Бул көрсөткүч өткөн мезгилге салыштырмалуу 2,7 пайызга төмөндөгөндүгүнө карабастан, белгиленген ченемден жогору калыптанган жана, өз кезегинде, банк секторунун абалы туруктуу экендигин, ошондой эле банк системасы финансылык кызматтарды сунуштоону арттыруу үчүн потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

***3.1.3.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 47,0 | 52,4 |
| Тобокелдикке ээ таза активдер, *млрд сом* | 188,6 | 235,9 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 24,9 | 22,2 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны | 10 | 7 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны | 8 | 8 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны | 5 | 8 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишине мүнөздүү негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат жана алар активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[1]. Кайтарылбай калуу тобокелдигине ээ классификацияланган кредиттер боюнча атайын камдардын кредит портфелине карата катышы жыл башынан тартып 0,8 пайыздык пунктка жогорулап, 7,0 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгилде 2020-жылы кабыл алынган активдерди классификациялоо боюнча убактылуу тартип колдонулган, алардын сапатынын начарлашы COVID-19 пандемиясынын кесепеттерине байланыштуу болгон. Мындай чара банк системасынын туруктуулугун сактоо жана экономикалык жигердүүлүктү колдоо үчүн банктардын ресурстарын ишке киргизүү максатында көрүлгөн.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышынын, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнүн негизинде баа берилет. 2021-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын чет өлкө валютасындагы активдери 132,8 млрд сомду же суммардык активдердин 36,8 пайызын түзгөн. Ал эми коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы

[1] Маалыматтар "Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама" деп аталган 3.1.1-бөлүктө "Банктардын активдерин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо" аталышындагы 3.1.1.2-таблицада жана "Банктардын кредиттерин классификациялоо" аталышындагы 3.1.1.4-таблицада келтирилген.

милдеттенмелери 121,2 млрд сомду же бардык милдеттенмелердин 39,9 пайызын түзгөн.

***3.1.3.2-таблица.***
Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млрд сом* | 109,8 | 132,8 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, *пайыздар* | 37,8 | 36,8 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млрд сом* | 99,6 | 121,2 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, *пайыздар* | 41,6 | 39,9 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордун активдер менен жабуу көз карашынан кароого алынат, бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2021-жыл ичинде активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым анча өзгөргөн эмес жана белгиленген мөөнөт ичинде милдеттенмелердин активдерден артышы тобокелдиги узак мөөнөттүү келечекте алгылыктуу ажырымдын эсебинен компенсацияланышы мүмкүн.

***3.1.3.3-таблица.***[1]
Активдер жана милдеттенмелер мөөнөттөрү боюнча (бир мезгилдин акырына карата)
*(млрд сом)*

| 2020-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 113,4 | 12,2 | 14,0 | 26,1 | 139,5 | 305,3 |
| Милдеттенмелер | 131,9 | 11,6 | 21,4 | 32,5 | 42,0 | 239,4 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -18,5 | 0,7 | -7,4 | -6,4 | 97,5 | 65,9 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 16,3 | 5,4 | 53,0 | 24,4 | 69,9 | 21,6 |

| 2021-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 161,2 | 15,9 | 15,8 | 31,5 | 154,8 | 379,1 |
| Милдеттенмелер | 189,9 | 12,0 | 21,4 | 32,6 | 48,3 | 304,1 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -28,7 | 3,9 | -5,6 | -1,1 | 106,5 | 75,0 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 17,8 | 24,6 | 35,5 | 3,5 | 68,8 | 19,8 |

Жыл жыйынтыгында коммерциялык банктар үчүн “45,0 пайыздан кем эмес” деңгээлде белгиленген банк системасынын ликвиддүүлүк ченеминин коэффициенти 6,4 пайыздык пунктка, 71,3 пайызга чейин жогорулаган. Тобокелдиктерди алдын алуу максатында айрым банктар үчүн дароо ликвиддүүлүк (К3.3) боюнча кошумча ченем колдонулат.

[1] Маалыматтар ПРБОнун 12-бөлүгүнүн негизинде берилген.

*Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү*

Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү (ПФТД/ЛПД) чөйрөсүндө мыйзам талаптарын аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу орган менен өз ара иш алып баруунун алкагында 2021-жылы көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптары сакталгандыгы жөнүндө маалымат алмашуу туруктуу негизде жүргүзүлүп турган.

*Инспектордук текшерүүлөр*

Отчеттук жылы Улуттук банк өз ара баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча Евразия тобунун (ЕАГ) отчетунда көрсөтүлгөн кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча кемчиликтерди четтетүү боюнча ишти уланткан.

2021-жылы Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл ыкмаларын колдонуу менен коммерциялык банктарда инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Текшерүүлөр, капитал жетиштүүлүгүн, активдердин сапатын жана шарттуу милдеттенмелерди, ликвиддүүлүктү, кирешелүүлүктү, банктын операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушарлануу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен банкта тобокелдикти тескөө, корпоративдик башкаруу жана ички контролдоо системасына жана банктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды, анын ичинде ПФТД/ЛПД боюнча талаптарды сактагандыгына баа берүү аркылуу жүргүзүлгөн. Финансы рыногунун маалымат коопсуздугун камсыздоо жана кредит-финансы чөйрөсүндө компьютердик чабуулдарга каршы аракеттенүүнүн алкагында, коммерциялык банктарга туруктуу негизде кибер коркунучтарды иликтөөлөрдүн жана кибер коркунучтарга чара көрүү боюнча башка борборлордун маалыматынын негизинде орун алган коркунучтар жана кемчиликтер жөнүндө маалымат берилип турган.



### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

2021-жылы жазма буйруктар түрүндө таасир этүү чаралары негизинен кредиттик, операциялык тобокелдиктерди жана террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерин кыскартууга, жогоруда белгиленген тобокелдиктерди башкаруу процессинде аныкталган кемчиликтерди жана бузууларды четтетүүгө багытталган. Тышкы көзөмөлдүн алкагында таасир этүү чаралары, эң башкысы, кредиттер боюнча шайкеш резервдер көлөмүн түзүү, банктардын экономикалык ченемдерди, касса тартибин, техникалык чыңдоо жана видеобайкоону уюштуруу жагында ички контролдоо системасын күчөтүү максатында колдонулган.

Айрым банктарга карата ички контролдоо системасындагы кемчиликтер жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарын бузуу үчүн айып пул түрүндө таасир этүү чаралары колдонулган.

2021-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 43 отурум өткөрүлүп, анда 86 маселе каралоого алынып, алардын ичинен 81 маселе коммерциялык банктардын ишине тиешелүү болгон. Көзөмөл боюнча комитет көзөмөлдөө жагында жөнгө салуу чараларын жана айрым коммерциялык банктардын ишин чектөө чараларын колдонгон, ошондой эле коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашкан.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдарынын минималдуу өлчөмү боюнча талаптар сакталбагандыгына байланыштуу, айрым коммерциялык банктарга Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык таасир этүү чаралары колдонулган.

### 3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2021-жыл ичинде банктардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү банктык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, санарип банктык кызматтарды сунуштоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жана COVID-19 коронавирус инфекциясына байланыштуу кризистин кесепеттерин жөнгө салууга багытталган.

*Банктардын ишин лицензиялоо*

Банк секторун жана банктык кызмат көрсөтүүлөр түрүн өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү арттыруунун алкагында, "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобого банктарга микрофинансылык компанияларды кошуу аркылуу аларды кайра өзгөртүп түзүүгө мүмкүндүк берген өзгөртүүлөр киргизилген.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Отчеттук жылы банк системасынын капиталдык базасын чыңдоо жана туруктуулугун жогорулатуу, Базель комитетинин банктык көзөмөл боюнча эл аралык стандарттарын колдонууга киргизүү жана ЕАЭБдин жалпы финансылык рыногун түптөөнүн алкагында банктардын атаандашуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн капитал жетиштүүлүгүнүн (шайкештигинин) коэффициенттеринин жаңы өлчөмдөрү белгиленген. Банктарды техникалык жана программалык продукттарды сатып алууга, кардарлардын санын көбөйтүүгө жана кызмат көрсөтүүлөр түрүн арттырууга, ошондой эле жаңы банктык продукттарды колдонууга киргизүүгө демилгелөө үчүн капитал жетиштүүлүгүнүн (шайкештигинин) коэффициенттерин эсептөөлөргө корректировкалар киргизилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банк системасынын туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн сактоо максатында Улуттук банк коммерциялык банктарга COVID-19 коронавирус инфекциясынан улам сапаты начарлаган же начарлап жаткан кредиттерди реструктуризациялоо боюнча жеңилдиктерди берүү ишин уланткан.

Бир катар ченемдик укуктук актыларга кредиттик тобокелдикти тескөө, кардарларды талапка ылайык текшерүү, банктарда корпоративдик башкаруу талаптарын күчөтүү, ошондой эле калктын финансылык кызматтардан пайдалануусун арттыруу боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

Улуттук банк, чакан жана орто бизнестин каржылоодон пайдалануусун кеңейтүү үчүн банктардын кепилдик фонддун гарантиясы менен камсыздалган активдин бөлүгүн потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга резерв түзүүсүз классификациялоосу жөнүндө чечим кабыл алган.

Коммерциялык банктар үчүн маркетинг боюнча эрежелерди жөнгө салуу максатында "Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобо бекитилген.

"Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө" жобонун жаңы редакциясы кабыл алынып, анда тобокелдиктерди тескөө, аутсорсинг, иш үзгүлтүксүздүгү, маалымат коопсуздугу боюнча инциденттерди жөнгө салуу боюнча талаптар каралган.

*Банктык кызматтарды санариптештирүү*

Банктык кызматтарды санариптештирүүнүн алкагында банктык аманаттар (депозиттер), ошондой эле башка кызмат көрсөтүүлөр боюнча кредиттөөдө жана эсеп ачууда электрондук документтерди колдонуу үчүн ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген. Электрондук кол тамганы колдонуу менен келишимдер боюнча аралыктан тейлөө каналы аркылуу кредиттөө суммалары боюнча чектер жогорулатылган.

Регулятивдик отчетту электрондук түрдө сунуштоого толугу менен өтүү үчүн Улуттук банк коммерциялык банктар кагаз жүзүндө отчетту жөнөтүүсүн жокко чыгарган. Кардарларды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо тартибинин талаптары колдонулуучу субъекттердин тизмеги жеке адам-жеке ишкерлер менен толукталган, ал эми банктар үчүн жасалма интеллектти, тиешелүү жабдууларды же кардарлардын биометрикалык маалыматтарын иштеп чыгуунун болжолдуу алгоритмдеринин башка формаларын пайдалануу менен аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

*Ислам каржылоо принциптери*

Ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүү жана илгерилетүү, ошондой эле кадимки банктар менен ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзгөн банктар үчүн бирдей укуктук чөйрө түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан айрым ченемдик укуктук актыларга ислам каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырууда банктардын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги), кредиттик тобокелдикти жөнгө салуу, активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резерв түзүү маселелери боюнча өзгөртүүлөр бекитилген.

Мурабаха бүтүмдөрү жөнүндө маалыматты баалоо, таануу жана маалыматты чечмелөө үчүн эсепке алуу эрежелерин аныктоо максатында мурабаха операцияларын эсепке алуу тартиби кабыл алынган, ошондой эле пайыздык кирешени чегербөө статусун ыйгаруу жана мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту сунуштоо тартибин жөнгө салган айрым ченемдик актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.



## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама

*БФКУнун активдери*

2021-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУнун чогуу алгандагы активдери[1] 4,6 млрд сомго же 16,3 пайызга көбөйүп, 33,1 млрд сомду, анын ичинде чет өлкө валютасы боюнча 1,2 млрд сомду же чогуу алгандагы активдерден 3,6 пайызды түзгөн (2020-жыл жыйынтыгы боюнча 1,5 млрд сом же 5,1 пайыз).

***3.2.1.1-таблица.***
БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 22 367,5 | 78,6 | 27 206,4 | 82,2 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 2 553,0 | 9,0 | 2 223,7 | 6,7 |
| Башка активдер | 1 925,1 | 6,8 | 1 995,8 | 6,0 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 777,7 | 2,7 | 820,3 | 2,5 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 492,8 | 1,7 | 619,3 | 1,9 |
| Негизги каражаттар | 742,2 | 2,6 | 834,9 | 2,5 |
| Акча каражаттары | 382,5 | 1,3 | 256,5 | 0,8 |
| Баалуу кагаздар портфели | 89,3 | 0,3 | 149,2 | 0,5 |
| Атайын РППУ* | -882,2 | -3,1 | -1 024,7 | -3,1 |
| **Бардыгы болуп** | **28 448,0** | **100,0** | **33 081,3** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдарды түшүнүүгө болот.*

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетко (ПРО) ылайык жана АФКУнун кредит портфелин, ошондой эле кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун активдерин эске албаганда.

*Кредит портфели*

БФКУнун кредит портфели[1] 2020-жылга караганда 4,9 млрд сомго же 21,1 пайызга көбөйүп, 28,0 млрд сомду, анын ичинде ислам каржылоо принциптери боюнча – 1,0 млрд сомду же БФКУнун кредит портфелинен 3,7 пайызды (2020-жылдын акырына – 1,0 млрд сом же 4,5 пайыз) түзгөн. БФКУнун чет өлкө валютасында кредит портфели 2021-жылдын акырына 636,7 млн сомду же 2,3 пайызды (2020-жылдын акырына – 422,5 млн сом же 1,8 пайыз) түзгөн.

2021-жылдын акырына карыз алуучулардын саны 2020-жылга караганда 5 708 адамга же 1,3 пайызга көбөйүп, 433 348 адамды (юридикалык жактар – 97) түзгөн. Карыз алуучу-жеке адамдардын жалпы санында аялдардын үлүшү 56,7 пайызды, эркектер – 43,3 пайызды түзгөн.

Чогуу алгандагы активдерге карата кредит портфелинин үлүшү 84,7 пайызды түзгөн, бул 2020-жылга караганда 3,4 пайыздык пунктка төмөн.

Жыл акырына Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда кредит портфели жогорулаган, атап айтканда Ош областында – 1 620,1 млн сом, Бишкек шаарында – 1 057,4 млн сом, Чүй областында – 889,2 млн сом, Ысык-Көл областында – 409,5 млн сом жана Баткен областында – 275,1 млн сом.

***3.2.1.1-график.***

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




***3.2.1.2-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн сом)*

| | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 5 604,0 | 24,2 | 6 661,4 | 23,8 |
| Ош областы | 5 117,7 | 22,1 | 6 737,9 | 24,0 |
| Чүй областы | 3 449,4 | 14,9 | 4 338,6 | 15,5 |
| Жалал-Абад областы | 2 958,3 | 12,8 | 3 308,6 | 11,8 |
| Ысык-Көл областы | 2 420,4 | 10,5 | 2 829,9 | 10,1 |
| Нарын областы | 1 510,0 | 6,5 | 1 670,9 | 6,0 |
| Баткен областы | 1 439,4 | 6,2 | 1 714,6 | 6,1 |
| Талас областы | 644,2 | 2,8 | 763,0 | 2,7 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 1,8 | 0,0 | 1,8 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **23 145,3** | **100,0** | **28 026,6** | **100,0** |

[1] АФКУнун кредит портфелин эске албаганда.

Отчеттук мезгил ичинде экономиканын негизги тармактарын кредиттөөнүн өсүшү сакталган. Кредиттер көлөмүнүн дээрлик өсүшү: керектөө кредиттери (3 220,8 млн сом), курулуш жана ипотека (1 096,8 млн сом), соода жана коммерциялык операциялар (650,7 млн сом) жана айыл чарбасы (620,8 млн сом) сыяктуу тармактарда катталган.

***3.2.1.3-таблица.***

БФКУнун экономика тармактары боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)

| Тармак категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Керектөө кредиттери | 6 334,6 | 27,4 | 9 555,4 | 34,1 |
| Айыл чарба | 6 572,3 | 28,4 | 7 193,1 | 25,7 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 2 857,5 | 12,3 | 3 508,2 | 12,5 |
| Курулушка жана ипотекага | 2 327,0 | 10,1 | 3 423,8 | 12,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 3 239,1 | 14,0 | 2 437,4 | 8,7 |
| ФКУлардын кредиттери | 777,7 | 3,4 | 820,3 | 2,9 |
| Башка кредиттер | 453,2 | 2,0 | 415,3 | 1,5 |
| Транспорт | 354,6 | 1,5 | 442,1 | 1,6 |
| Өнөр жайы | 210,7 | 0,9 | 220,5 | 0,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 18,2 | 0,1 | 10,7 | 0,0 |
| Байланыш | 0,2 | 0,0 | - | - |
| **Бардыгы болуп кредиттер** | **23 145,3** | **100,0** | **28 026,6** | **100,0** |

2021-жылдын акырына кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер төмөнкүнү түзгөн:

– микрофинансылык уюмдар – 29,1 пайыз, 2020-жылга салыштырмалуу 0,7 пайыздык пунктка төмөн;
– кредиттик союздар – 25,3 пайыз, 2020-жылга салыштырмалуу 1,1 пайыздык пунктка төмөн.

Кредит портфелине карата классификацияланган кредиттердин үлүшү 6,6 пайыздан 5,9 пайызга чейин төмөндөгөн, бул БФКУнун кредит портфелинин өсүшүнө байланыштуу болгон.

***3.2.1.4-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты (бир мезгилдин акырына карата)

| Категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *пайыздар* | *млн сом* | *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **21 617,8** | **93,4** | **26 369,2** | **94,1** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **1 527,4** | **6,6** | **1 657,4** | **5,9** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *Субстандарттык* | *695,5* | *3,0* | *703,4* | *2,5* |
| *Шектүү* | *279,3* | *1,2* | *241,9* | *0,9* |
| *Жоготуулар* | *552,7* | *2,4* | *712,1* | *2,5* |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **23 145,3** | **100,0** | **28 026,6** | **100,0** |

*БФКУнун милдеттенмелери*

Жыл жыйынтыгында БФКУнун[1] милдеттенмелери 2,2 млрд сомго же 17,6 пайызга жогорулап, 14,7 млрд сомду түзгөн.

***3.2.1.5-таблица.***
БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 8 880,9 | 71,2 | 10 349,7 | 70,6 |
| *эл аралык ФКУлардан* | *5 367,3* | *43,0* | *5 902,3* | *40,2* |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *1 342,2* | *10,8* | *1 146,9* | *7,8* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *1 086,0* | *8,7* | *1 068,8* | *7,3* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *783,6* | *6,3* | *1 954,2* | *13,3* |
| *өкмөттөн* | *301,9* | *2,4* | *277,5* | *1,9* |
| Башка милдеттенмелер | 2 449,1 | 19,6 | 2 660,1 | 18,1 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 1 036,6 | 8,3 | 1 553,6 | 10,6 |
| Субординацияланган карыздык милдеттенмелер | 101,6 | 0,8 | 105,3 | 0,7 |
| **Бардыгы болуп** | **12 468,2** | **100,0** | **14 668,7** | **100,0** |

Тартылган депозиттер 2020-жылга салыштырмалуу 517,0 млн сомго же 49,9 пайызга көбөйүү менен жыл акырына 1,6 млрд сомду түзгөн.

Эки микрофинансылык уюм, жети кредиттик союз жана бир турак жай-сактык кредиттик компания калктан (МФУ жана ТСКК үчүн) жана катышуучулардан (КС үчүн) депозиттерди тартуу укугуна ээ болгон.

*БФКУнун капиталы*

БФКУнун чогуу алгандагы капиталы[2] өткөн жылдын жыйынтыгына салыштырганда 16,3 млрд сомдон 18,7 млрд сомго чейин көбөйгөн.

МАЗМУНУ

***3.2.1.6-таблица.***
Кирешелер жана чыгашалар түзүмү
*(млн сом)*

| Категориясы | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 6 658,9 | 7 830,7 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 1 481,2 | 1 790,1 |
| Таза киреше | 5 177,7 | 6 040,6 |
| РППУга чегерүүлөр | 338,9 | 422,7 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза киреше | 4 838,8 | 5 618,0 |
| Бардыгы болуп башка кирешелер | 769,9 | 723,3 |
| Бардыгы болуп башка чыгашалар | 1 993,8 | 94,1 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 923,6 | 3 144,5 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 2 691,3 | 3 102,6 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 10,6 | 27,2 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 2 680,7 | 3 075,4 |
| Пайдага салык | 270,8 | 319,4 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **2 410,0** | **2 755,9** |

БФКУнун таза пайдасы өткөн жылга салыштырганда 2,8 млрд сомду түзүү менен (алардын ичинен ислам каржылоо принциптери боюнча – 338,6 млн сом) 346,0 млн сомго же 14,4 пайызга өскөн.

[1] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун милдеттенмелерин эске албаганда.

[2] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун капиталын эске албаганда.

***3.2.1.2-график.***

Таза пайданын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2021-жыл ичинде 8,8 пайыздан 9,0 пайызга чейин жогорулаган, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 20,5 пайыздан 19,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Кепилдик фонд*

Кепилдик фонддун активдери 7,0 млрд сомду түзгөн, алар негизинен банктарда баалуу кагаздар жана депозиттер түрүндө сунушталган.

Кепилдик фонддун милдеттенмелери 2020-жылга салыштырганда 254,3 млн сомго же 60,6 пайызга азайып, 165,2 млн сомду түзгөн.

Кепилдик фонддун капиталы 4,2 млрд сомдон 6,9 млрд сомго чейин жогорулаган жана ал толугу менен төлөнгөн уставдык капиталдан турган.

Таза пайда 2020-жыл жыйынтыгына салыштырганда 190,4 млн сомго көбөйүп, 247,4 млн сомду түзгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата 3,4 млрд сом суммасына жалпы 2 387 гарантия берилген. Гарантиялардын олуттуу саны айыл чарбасына жана соодага Нарын, Чүй, Жалал-Абад областтарында жана Бишкек шаарында берилген.

***3.2.1.3-график.***

Региондор жана экономика тармактарына берилген гарантиялардын саны (2021-жылдын акырына карата)






### 3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

Адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (АФКУ), микрофинансылык компаниялардын (МФК), кредиттик союздардын (КС), алмашуу бюролорунун, кредиттик бюролордун жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын (ТСКК) иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылат. Микрокредиттик компаниялар (МКК), микрокредиттик агенттиктер (МКА) жана кепилдик фонддор эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктүн негизинде иш алып барат.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук банк тарабынан лицензияланууучу жана жөнгө салынуучу банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын системасына бир адистештирилген финансы-кредит уюму, 88 кредиттик союз, 133 микрофинансылык уюм (анын ичинде 10 МФК, 86 МКК жана 37 МКА), 379 алмашуу бюросу, эки кредиттик бюро, бир кепилдик фонд жана бир ТСКК кирген.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан: бир лицензия МФКга (бир МКК МФКга кайра каттоого байланыштуу), бир лицензия кредиттик союзга, беш МККны эсептик каттоо тууралуу күбөлүк, бир МКАны эсептик каттоо тууралуу күбөлүк, 207 лицензия алмашуу бюролоруна берилген (анын ичинде мурдагы лицензиясынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу 165 алмашуу бюролоруна) жана 20 алмашуу бюросу кошумча катталган.

Ишин токтотууга байланыштуу МККга берилген эсептик каттоо тууралуу алты күбөлүк, МКАга берилген эсептик каттоо тууралуу эки күбөлүк, бир кредиттик союздун лицензиясы жана 213 алмашуу бюролорунун лицензиясы (анын ичинде лицензиянын колдонуу мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу 165 лицензия) жокко чыгарылган.

***<u>3.2.2.1-таблица</u>.***
БФКУнун, алмашуу бюролорунун жана кредиттик бюролордун санынын динамикасы

| Аталышы | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| АФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 150 | 142 | 137 | 134 | 133 |
| Кредиттик союздар | 110 | 106 | 95 | 92 | 88 |
| Алмашуу бюролору | 396 | 413 | 401 | 387 | 379 |
| Кредиттик бюро | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Кепилдик фонд | 0 | 0 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компания | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 |
| **Бардыгы болуп** | **658** | **664** | **637** | **617** | **605** |

### 3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Отчеттук жылы Улуттук банк ишин лицензиялаган жана жөнгө салган БФКУнун жана башка юридикалык жактардын ишин үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана жөнгө салуу чараларын көргөн.

Кредиттик тобокелдиктердин тескөөгө алынышын, финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоо системасынын уюштурулушун, маалымат коопсуздугун, ошондой эле көзөмөлгө алынган субъекттин ишинин мыйзамдарда белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн баалоо үчүн төмөнкү иш-аракеттер жүргүзүлгөн:

- 11 микрофинансылык уюмдардын ишин текшерүү;
- 43 кредиттик союздардын ишин текшерүү;
- бир кредиттик бюронун ишин текшерүү;
- бир адистештирилген финансы-кредит уюмунун ишин текшерүү;

– 35 алмашуу бюролорунун ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптары, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптары сакталгандыгы текшерүүгө алынган.

Улуттук банк кредиттөө, акча каражаттарын тартуу жана нак чет өлкө валютасын алмаштыруу чөйрөсүндө лицензиясыз иш алып барууга мониторинг жүргүзүү менен аларды аныктап, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрүү максатында андан ары укук коргоо органдарына маалыматты жөнөтүү ишин уланткан.

### 3.2.4. Таасир этүү чаралары

2021-жылы БФКУ секторунун ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык келтирүү максатында төмөнкү таасир этүү чаралары колдонулган:

– микрофинансылык уюмдарга 124 жазма буйрук;
– кредиттик союздарга 350 жазма буйрук;
– кредиттик бюролорго 8 жазма буйрук;
– адистештирилген финансы-кредит уюмуна 16 жазма буйрук;
– турак жай-сактык кредиттик компанияга бир жазма буйрук;
– алмашуу бюролоруна 201 жазма буйрук.

Мындан тышкары, үч микрофинансылык уюмга жана бир алмашуу бюросуна карата айып пул белгиленген, эки алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган жана алты алмашуу бюросунун лицензиясы убактылуу токтотулган.

### 3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

Улуттук банктын банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иши 2021-жылы БФКУ тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр түрлөрүн арттырууга жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо системасын бекемдөөгө багытталган. Ошондой эле тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү өркүндөтүү жана Микрокаржылоо секторун 2018-2021-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган иш-чараларды жүзөгө ашыруу улантылган.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

Кепилдик фонддор үчүн коммерциялык банктарда каражаттарды жайгаштыруу лимиттери кайра каралып, кепилдик фонддун өздүк капиталынын 10% өлчөмүндө кайра каржылоого гарантияларга карата талап киргизилген.

*Лицензиялоо жол-жобосун жакшыртуу*

БФКУнун жана алмашуу бюролорунун ишин лицензиялоо жол-жобосу жөнөкөйлөтүлгөн. Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиянын колдонуу мөөнөтү 3 (үч) жылдан 5 (беш) жылга узартылган, ошондой эле мамлекеттик органдардан маалым кат алуу жол-жобосу жөнөкөйлөтүлгөн.

*БФКУнун финансылык отчетторунун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо*

"Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө" жобо бекитилип, анда банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата финансылык отчеттордун ачык-айкындуулугун жана пайдалануучуларга жеткиликтүү болушун камсыздоо боюнча талап белгиленген. Жобонун талаптары микрофинансылык компанияларга; турак жай-сактык кредиттик компанияларга; кепилдик фонддорго; ар жылдык негизде өз ишине тышкы аудит жүргүзгөн микрокредиттик компанияларга; мамлекеттик органдар катышкан же кредиттик жана финансылык ишкердикти жүргүзгөн туунду (караштуу) юридикалык

жактарга ээ микрокредиттик агенттиктерге; өз катышуучуларынан депозиттерди тартуу укугуна лицензияга ээ кредиттик союздарга; адистештирилген финансы мекемелерине жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарына таркатылат.

*Өнүктүрүүнүн негизги багыттары*

Микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары бекитилген, анын максаты катары калктын ишкердик демилгесин колдоонун маанилүү инструменти катары микрокаржылоо секторун институционалдык өнүктүрүү, анын өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, калктын бакубат жашоосун жакшыртуу үчүн чакан бизнести жана жеке ишкердикти өнүктүрүүнү каржылоо үчүн алгылыктуу экономикалык, мыйзамдуу жана жөнгө салуу чөйрөсүн камсыздоо жана колдоо саналат. Бул документте микрофинансылык кызматтарды санариптештирүүнү арттыруу; “жашыл каржылоону” өнүктүрүү; анын туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыздоо үчүн микрокаржылоо секторун институционалдык өнүктүрүү; кызмат көрсөтүүлөрдүн баа жана географиялык жактан жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу, ошондой эле БФКУнун финансылык туруктуулугун бекемдөө каралган.

## 3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону күчөтүү боюнча чаралар*

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоого багытталган иштерди жүргүзүү – Улуттук банктын маанилүү милдеттеринин бири.

Отчеттук мезгилде керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндө жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга туруктуу негизде иликтөө жана мониторинг жүргүзүлгөн, финансы-кредит уюмдарына карата керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, кредит берүүдө маалыматты ачык-айкын түшүндүрүү жана берүү боюнча талаптарды күчөтүүгө багытталган чаралар көрүлгөн. Коронавирус инфекциясынын жайылып кетишинен улам, анын ишкердик субъекттердин жана калктын экономикалык абалына терс таасирин тийгизүүсүнө туруктуу негизде байкоо жүргүзүлүп, аларды текшилөө боюнча чаралар көрүлгөн.

*Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

Кат жүзүндө кайрылуулар менен иштөө жана жарандарды кабыл алуу форматында консультация берүү банктык жана микрофинансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында негизги иш багыттарынан болуп саналат. Кат жүзүндө кайрылууларды кароо жана жеке кабыл алуу менен катар, COVID-19 пандемиясы учурунда жарандарга ыкчам жана сапаттуу колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында аралык байланыш каналдары аркылуу консультациялык-укуктук жардам берилген, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча коомдук уюмдар менен бирге өз ара иштер жүргүзүлгөн.

2021-жылы Улуттук банк финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдөн келип түшкөн 1 359 кайрылууну караган (2020-жылы – 2 630). Кароого алынган кайрылуулардын ичинен 811 – коммерциялык банктардын ишине (2020-жылы – 1 490), 482 – банк эмес финансы-кредит уюмдарына (2020-жылы – 1 080) жана 66 – башка маселелерге (2020-жылы – 60) тиешелүү болгон.

800дөн ашуун жаранга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүлгөн.

Отчеттук жылы кайрылууларда козголгон актуалдуу маселелер катары мурунку жылдагыдай эле, кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу мүмкүн эместигине байланыштуу артыкчылыктарды берүү, карызды кайра каржылоо, ошондой эле акча которуу, кредиттик таржымал, күрөө предметин сатуу жол-жоболору, ишкердик субъекттерди колдоо чаралары жөнүндө ченемдик укуктук актылар боюнча түшүндүрмө берүү катталган.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2021-жылы Улуттук банк тарабынан ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, төлөм системасына көзөмөлдү (оверсайт), төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүнө контролдукту күчөтүү, ошондой эле жаңы санариптик төлөм жана финансылык технологияларды өнүктүрүү аркылуу төлөм системаларынын натыйжалуу, коопсуз жана ишенимдүү иштешин камсыз кылуу боюнча иштер улантылган.

Төлөм системасы чөйрөсүндө өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыздоого, өлкөлөр аралык тобокелдиктерди азайтууга, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылууга багытталган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамын кабыл алуу маанилүү окуялардын бири болду. Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекет ичиндеги төлөмдөрдү жүргүзүү жана клиринг боюнча жаңы талаптар өлкөнүн төлөм системасынын көз карандысыздыгын камсыздоо үчүн киргизилген.

“Элкарт” улуттук төлөм системасын өнүктүрүүгө, аны башка өлкөлөрдүн төлөм системалары менен интеграциялоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү кошо алганда, “Элкарт” байланышсыз банктык төлөм карттарын чыгаруу боюнча долбоорду ишке ашырууга жана “Элкарт Мобайл” мобилдик тиркемеси аркылуу кызматтарды сунуштоонун түрлөрүн кеңейтүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Санарип төлөм технологияларын өнүктүрүү үчүн атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иштер жүргүзүлгөн, ошондой эле Санарип сом концепциясынын долбоору иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программанын (мындан ары – Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программа) ишке ашырылышын координациялоо жана контролдоо иши улантылган. Отчеттук жылы коммерциялык банктар тарабынан 193 банкомат, 2 749 POS-терминал, 357 төлөм терминалы алынып келинген. Ошол эле учурда, 2021-жылдын аягында банктык жабдуулардын жалпы саны 1 910 банкоматты, 13 067 POS-терминалды жана 2 073 төлөм терминалын түзгөн. “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын бөлүмдөрүндө 396 POS-терминал 1 155 айылдын калкын акча каражатын банктык төлөм картынан накталай алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында орнотулган. Ошону менен, банктык жана төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана аралыктан тейлөөнүн ыңгайлуулугу төлөмдөрдүн көбөйүүсүн, нак эмес формада өлкө бюджетине төлөнгөн салыктардын көлөмү өсүшүнө банктык төлөм карттарын колдонгон социалдык жөлөк пул алуучулардын жана пенсионерлердин санынын өсүшүн шарттаган.

Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүнүн өсүшү жана улуттук төлөм системасынын өнүгүшү менен катар эле, чекене төлөмдөрдү жүргүзүүдө нак акча негизги төлөм каражаты болуп кала берет.

Отчеттук мезгилде Улуттук банк өлкө экономикасынын улуттук валютадагы банкнотторуна жана монеталарына зарыл номиналда муктаждыгын үзгүлтүксүз камсыз кылуу жана жүгүртүүдөгү нак акчанын түзүмүн жөнгө салуу боюнча ишин уланткан.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасы (мындан ары – ПКС), банктык төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы жана банктык эмес төлөм системаларынын операторлорунун системасы аркылуу ишке ашырылган.

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Мамлекеттер аралык банк, Евразия өнүктүрүү банкы, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги, Социалдык фонд, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, “Борбордук депозитарий” ЖАК жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын (ГСРРВ, ПКС) катышуучуларынан болуп саналат.

Отчеттук мезгилде банктар аралык төлөм системалары аркылуу 8,5 млн төлөм 5,6 трлн сом суммасында жүргүзүлгөн. 2020-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша 4,3 пайызга жана 34,9 пайызга көбөйгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана Пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдүн көлөмү отчеттук мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 35,4 жана 23,8 пайызга өскөн.

***4.1.1.1-график.***
Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү




Төлөмдөрдүн саны 2020-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана ПКСте тиешелүүлүгүнө жараша 15,0 жана 3,6 пайызга өскөн.

МАЗМУНУ

***4.1.1.2-график.***

Банктар аралык төлөм системалары (ПКС жана ГСРРВ) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




*“Элкарт” улуттук төлөм карты*

Чыгарылган банктык төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 10,9 пайызга көбөйүп, 3,8 млн даананы түзгөн, анын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карттарынын саны 2,3 млн даананы түзгөн. 2020-жылга салыштырмалуу “Элкарт” банктык төлөм карттарынын эмиссиясы 2020-жылга салыштырганда 14,3 пайызга өсүшү негизинен Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын ишке ашыруунун эсебинен жүргөн.

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар*

Отчеттук жылы банктык төлөм карттарын пайдалануу менен 375,1 млрд сом суммасында 84,2 млн ашык операция ишке ашырылган. Мында 2020-жылга салыштырганда операциялардын саны 43,8 пайызга көбөйүп, ал эми анын көлөмү 39,0 пайызга өскөн.

**4.1.1.4-график.**

Банктык төлөм карттарынын санынын катышы




2021-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында банктык төлөм карттарын пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын саны 2020-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 78,4 пайызга өсүп, анын көлөмү эки эсе көбөйгөн.

**4.1.1.5-график.**

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы




*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

2021-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында банктык төлөм карттары 1 910 банкоматта жана 13 067 POS-терминалда (анын ичинен 10 784 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 2 283 POS-терминал коммерциялык банктардын филиалдарында жана аманат кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карттары бардык 1 910 банкоматта жана 13 067 POS-терминалда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасынын карттары 224 банкоматта жана 1 248 POS-терминалда;
– Visa жана MasterCard эл аралык системаларынын карттары 783 банкоматта жана 6 454 POS-терминалда;
– Union Pay эл аралык системасынын карттары 380 банкоматта жана 1 552 POS-терминалда тейленген.

***4.1.1.6-график.***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Электрондук акча*

COVID-19 пандемиясы мезгили аралыгында аралыктан (обочо туруп) төлөө ыкмалары жана электрондук соода олуттуу өнүктү. Кыргыз Республикасында электрондук акча эң жеткиликтүү жана кеңири колдонулган инструменттердин бири бойдон калууда. Электрондук акчанын эмитенти болуп жети коммерциялык банк саналган. Тогуз коммерциялык банк электрондук акча чыгаруу лицензиясына ээ болгон жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдүн 10 локалдык системасы иштеп турган.

2021-жылдын акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 2020-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 34,9 пайызга көбөйүү менен 4,7 миллионду түзгөн.

***4.1.1.7-график.***

Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарды которуу боюнча операциялардын көлөмү 2021-жылы өткөн жылга салыштырганда 83,3 пайызга өсүп, 12,7 млрд сомду түзгөн. Акча каражаттарын которуунун саны 5,1 млн операцияны түзүү менен 2,6 эсе көбөйгөн. Электрондук акча аркылуу товарларга

жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө операцияларынын көлөмү 10,0 млрд сомду түзгөн, бул 2020-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө караганда 39,8 пайызга көп, мында, операциялардын саны 17,1 пайызга азайып, 13,1 млн операцияны түзгөн.

Отчеттук жылы өткөн жылга салыштырганда электрондук капчыктарды толуктоонун саны 7,5 млн операцияны түзүү менен, 43,2 азайган. Ал эми капчыктарды толуктоо боюнча операциялардын көлөмү 36,4 млрд сомду түзүү менен, 32,2 пайызга көбөйгөн. Электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,1 эсеге жана 35,5 пайызга көбөйгөн (26,8 млрд сом суммасына 6,1 млн операция жүргүзүлгөн).

***4.1.1.8-график.***

Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү




Төлөм уюмдары аркылуу 92,1 млрд сом суммасына 156,9 млн төлөм өткөрүлгөн, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 2020-жылга салыштырганда 98,3 пайызга өскөн.

***4.1.1.9-график.***

Төлөм уюмдары тарабынан өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү




Төлөм уюмдары төлөм терминалдарын, агенттик тармакты жана электрондук акчаны колдонуу менен (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу), үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алган. 2021-жылдын



МАЗМУНУ

акырына карата төлөм терминалдарынын жана алардын агенттеринин саны 9 753 бирдикти, веб-кассалардын жана алардын агенттеринин саны 94 856 бирдикти түзгөн.

### 4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чаралар планын ишке ашыруунун алкагында төмөндөгүдөй натыйжаларга жетишилген:

- 491,7 миң адам (пенсионерлердин жалпы санынын 69,0 пайызы) пенсияны коммерциялык банктардагы эсептери аркылуу алган, ал эми 2020-жылы 425,0 миң адам алган (пенсионерлердин жалпы санынын 61,8 пайызы);
- банктык төлөм карттары аркылуу социалдык төлөөлөрдү 474,0 миң адам алган (алуучулардын жалпы санынын 97,3 пайызы), ал эми 2020-жылы 420,1 миң адам социалдык төлөөлөрдү алган (алуучулардын жалпы санынын 88,4 пайызы);
- медициналык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн, 259 саламаттыкты сактоо уюмунун 180инде POS-терминал орнотулган, бул 69,5 пайызды түзөт;
- коммерциялык банктар тарабынан өлкөгө 193 банкомат, 2 749 POS-терминал жана 357 төлөм терминалы алынып келинген;
- бюджеттик уюмдарда “бюджеттик каражаттарды алуучунун” 1 414 карты пайдаланылган, алар боюнча жалпы 3 248,0 млн сом суммада 13 879 транзакция жүргүзүлгөн;
- “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын почта байланышынын 396 бөлүмүндө карт ээлерине пенсияларды, жөлөк пулдарды жана эмгек акыларды төлөө, ошондой эле коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүү, салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө үчүн POS-терминалдар орнотулган.
- региондордо жайгашкан 82 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында банктык төлөм карттарынан акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча төрт коммерциялык банк тарабынан долбоор ишке ашырылган.

Кыргыз Республикасынын аймагында нак эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартибин өркүндөтүү, ошондой эле банк жана төлөм системаларында санариптештирүү боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын алкагында төлөм системаларынын башка катышуучулары жана банктар тарабынан нак эмес эсептешүүлөрдө колдонулган төлөм документтерин тариздөөгө карата формаларды жана талаптарды аныктоо максатында, “Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө” жобо бекитилген.

### 4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу

#### 4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо

*Лицензиялоо*

2021-жылы Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия[1] жана төлөм уюмдарынын ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия[2] берилген эмес.

---

[1] Төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (б.а. финансылык маалыматтарды иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (финансылык агымдар).

Төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун эки лицензиясынын аракети алардын иши өз ыктыяры менен токтотулгандыгына байланыштуу жокко чыгарылган.

Отчеттук мезгилдин акырына карата 20 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 20 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна, ал эми 18 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген. Мында 15 төлөм системасынын оператору жана төлөм уюму Бишкек шаарында, бирөө – Чүй областында, үчөө – Ош областында, бирөө – Жалал-Абад областында жайгашкан.

*Каттоо*

Улуттук банкта банктык төлөм картын колдонуу менен бир эл аралык эсептешүү системасы, эл аралык электрондук акча системасынын бир оператору/эмитенти каттоодон өткөн. Эл аралык электрондук акча системасынын оператору/эмитенти катары эки уюмдун каттоосу Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгына жана алар катталган өлкөдө каттоонун жокко чыгарылгандыгына байланыштуу жокко чыгарылган.

2021-жылдын акырына карата: 31 акча которуулар системасынын оператору (12 эл аралык жана 19 локалдык/филиалдар аралык); сегиз эл аралык электрондук акча системасынын оператору/эмитенти; жети эл аралык банктык төлөм карттары менен эсептешүү системасы жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча өз ара иш алып баруучу бир оператор катталган.

### 4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Улуттук банк төлөм системаларынын туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн сактоо, төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууну камсыз кылуу, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу көзөмөлдөөнү уланткан.

Бардыгы болуп отчеттук мезгилде 12 инспектордук текшерүү, анын ичинде: үч комплекстүү, сегиз максаттуу (атайын жөнгө салуу режиминин алкагында текшерүүнү эсепке алганда) жана лицензия берүү алдындагы (алдын ала) бир текшерүү жүргүзүлгөн.

### 4.1.3.3. Таасир этүү чаралары

Аныкталган бузуулардын жана төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын ишиндеги кемчиликтердин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк тарабынан тиешелүү таасир этүү чаралары көрүлгөн. 2021-жылы төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын дарегине 25 жазма буйрук жөнөтүлгөн; эки төлөм системасынын операторуна жана төлөм уюмуна жана бир кызмат адамына айып пул салынган; төлөм системасынын операторунун эки лицензиясы жана төлөм уюмунун эки лицензиясы кайтарылып алынган.

Көрүлгөн чаралар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин ылайык келтирүүгө жана төлөм системаларынын туруктуулугун, натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга, төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн пайдалануучуларынын укуктарынын корголушун, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүнү сактоого багытталган.

### 4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 24-апрелиндеги №57 "Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамына шайкеш келтирүү максатында Улуттук банк тарабынан "Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө" жана "Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө" жоболорго өзгөртүүлөр киргизилген.

Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамынын жана Финансылык отчеттордун эл аралык стандарттарынын талаптарын сактоо зарылчылыгын көңүлгө алуу менен, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары эсепке алуу саясатына карата негизги талаптарды белгилеген ченемдик укуктук актылар кабыл алынган, ошондой эле Бухгалтердик эсепке алуу эсеп планы иштелип чыгып, колдонууга сунуш-көрсөтмө берилген.

Жаңы технологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болгондугуна байланыштуу, жаңы инновациялык финансылык продукттарды коммерциялык банктардын колдонууга киргизүүсүн кошо алганда, ошондой эле мамлекет ичинде төлөмдөр бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамына ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр киргизилген.

### 4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

*Төлөм системаларынын маанилүүлүгү*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү саясатына жана белгиленген маанилүүлүк критерийлерине ылайык өлкөнүн финансы системасы үчүн жогорку деңгээлде маанилүү жана артыкчылыктуу болгон төлөм системалары аныкталган. Алсак, 2021-жылы ГСРРВ жана ПКС системалуу мааниге ээ төлөм системасы, ал эми улуттук төлөм системалары катары – ГСРРВ, ПКС жана "Элкарт" банктык төлөм карттары менен эсептешүү системасы катары таанылган.

*Улуттук төлөм системасынын иштеши*

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалуу мааниге ээ төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) штаттык режимде иштеген (жеткиликтүүлүк коэффициенти[1] 99,9 пайызды түзгөн). Улуттук төлөм системаларындагы финансылык тобокелдиктердин деңгээли Улуттук банктагы катышуучулардын корреспонденттик эсептериндеги жетиштүү ликвиддүү каражаттарды жана ликвиддүүлүктү тескөө боюнча механизмдердин системаларында каралгандардын эсебинен минималдуу болгон. "Элкарт" улуттук системасынын жеткиликтүүлүк коэффициенти 99,8 пайызды түзгөн, бул төлөм системалары үчүн жогорку көрсөткүч болуп саналат (улуттук системаларда жеткиликтүүлүктүн пландык көрсөткүчү катары 98,0 пайыз белгиленген).

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык үзгүлтүктөрдөн жана алдын алуу иштерин жүргүзүүдөн улам системада келип чыккан үзгүлтүктөр системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

*Төлөм системаларынын эл аралык стандарттарга дал келиши*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөл жүргүзүүнүн (оверсайттын) алкагында эл аралык стандарттарга[1] дал келүүсүнө Улуттук банк өзүнө-өзү баа берүүнү жүргүзгөн ("Борбордук банктардын, рынокторду жөнгө салуучулардын жана финансы рыногунун инфраструктурасына карата башка компетенттүү органдардын милдеттери") жана Финансы рыногунун инфраструктуралары үчүн принциптерге маанилүү төлөм системаларынын биринин иштөөгө дал келишине өзүнө-өзү баа берүүгө талдап-иликтөө жүргүзүлгөн. Баалардын жыйынтыктары жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкештигин тастыктаган.

Төлөм системаларынын бир же бир нече катышуучуларында ликвиддүүлүк жетишсиздиги учуруна карата банктык төлөм карттары менен эсептешүү системаларынын жана клирингдин негизинде банктар аралык чекене төлөм системалары боюнча өз убагында жана кепилденген акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн, "Банктар аралык чекене төлөм системалары үчүн камсыздандыруу (камдык) фонду жөнүндө" жобого ылайык Улуттук банкта Камсыздандыруу (камдык) фонду түзүлгөн. Бул чекене системалардын тобокелдиктерин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

### 4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү

2021-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында санариптик төлөм технологияларын өнүктүрүү боюнча 2020-2022-жылдарга каралган концепциянын алкагында иш-чараларды, ошондой эле орто мөөнөттүү мезгилге каралган башка документтерди жана иш-чаралар планын жүзөгө ашырууну уланткан:

- жалпыга жеткиликтүү банктык интерфейс технологияларын өнүктүрүү максатында (мындан ары – API) финансы уюмдарынын ЕАЭБ мейкиндигинде санариптик өз ара иш алып баруусун камсыз кылуу үчүн API апробациялоо боюнча чек ара аркылуу өтүүчү пилоттук долбоор ишке ашырылган. Кыргыз Республикасынын атынан пилоттук долбоорго үч коммерциялык банк катышкан. Пилоттук долбоордун катышуучулары тарабынан маалыматтык API боюнча бирдиктүү стандарт иштелип чыккан, чек аралар деңгээлинде маалыматтык коопсуздукту камсыздоого карата мамилелер аныкталган жана тесттик режимде кардарларды кабыл алуу кеңселеринин, банкоматтардын иштөө графиги, алардын жайгашкан жери жана улуттук валюта курсу тууралуу маалымат алмашуу жүргүзүлгөн;
- "Элкарт" (Кыргыз Республикасы) улуттук төлөм системасын ЕАЭБ өлкөлөрүнүн "Мир" (Россия Федерациясы), Arca (Армения), "Белкарт" (Белоруссия) улуттук төлөм системалары менен интеграциялоо аяктады. "Мир" карттарынан "Элкарт" картына акча которууларды тейлөө (P2P-которуулар) 19 россиялык банктан жана финансы уюмдарынан туташтырылган. 2021-жылдын акырына карата абал боюнча 233 920 P2P-которуу жалпы 1,3 млрд сомдон ашуун суммада жүзөгө ашырылган;
- "Элкарт NFC" ("Байланышсыз Элкарт") байланышсыз банктык төлөм карттарын чыгаруу боюнча долбоор ишке ашырылган. Алар өлкөнүн аймагында байланышсыз төлөмдөрдү жүзөгө ашыруудан тышкары Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары – "Мир" улуттук төлөм системасынын жана өнөктөштөрдүн төлөм системасынын тармагында – тейлениши мүмкүн. 2021-жылдын акырына карата "Элкарт NFC" төлөм карттарынын жүгүртүүдөгү жалпы саны 123 130 даананы түзгөн;

[1] Финансы рыногунун инфраструктурасы үчүн принциптер (Principles for Financial Market Infrastructures) – Эл аралык эсептешүүлөр банкына караштуу Төлөм жана рыноктук инфраструктуралар боюнча комитети тарабынан 2012-жылдын апрелинде иштелип чыгып, кабыл алынган.

- 13 коммерциялык банктын кызмат көрсөтүүлөрү кошулган “Элкарт” улуттук төлөм системасынын “Элкарт Мобайл” мобилдик тиркемеси, ошондой эле соода-тейлөө ишканалары үчүн нак эмес ыкмада, анын ичинде QR-кодду колдонуу менен товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алууга өбөлгө түзгөн “Элкарт Трейд” мобилдик тиркемесинин кызмат көрсөтүү чөйрөсү кеңейтилген;
- Кыргыз Республикасында бирдиктүү санарип финансылык онлайн платформаны ишке ашыруу үчүн Улуттук банк “Кыргызстан банктарынын союзу” ЮЖБ менен биргеликте финансылык маркетплейсти түзүү боюнча жол картасына кол коюлган;
- виртуалдык актив чөйрөсүндөгү иш жана виртуалдык активдердин жүгүртүлүшүн жөнгө салуу үчүн укуктук негизди түзүү максатында иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү иш жөнүндө” жана “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорлорун коомдук талкууга коюу, жеткире иштеп чыгуу жана аны андан ары илгерилетүү иштери жүргүзүлгөн.

*Атайын жөнгө салуу режимдери (“жөнгө салуучу аянтчалар”)*

Калк үчүн алгылыктуу шарттарды түзүү, ошондой эле инновациялык банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана жаңы продукттарды ишке киргизүү убактысын жана чыгымдарын кыскартуу максатында, “жөнгө салуучу аянтча”[1] режими ишке киргизилген. Отчеттук жылы эки уюм убактылуу лицензиялардын алкагында банктык операцияларды: нак эмес формада кредиттерди берүү үчүн “Элкарт” улуттук төлөм системасынын алдын ала чыгарылган кредиттик карттарынын эмиссиясын; QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу жана тейлөө, ошондой эле өздүк электрондук акчалардын ордун жабууну жүзөгө ашыра башташкан.

*Санарип төлөм технологияларын жайылтуу*

Калкка санарип төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары жана ыңгайлуулугу жөнүндө маалымдоо максатында Улуттук банк “Элкарт NFC” менен байланышсыз төлөмдөрдү жүргүзүү тууралуу, QR-кодду колдонуу менен төлөөлөр жөнүндө; электрондук капчыктар жөнүндө, мобилдик жана интернет банкингди, “Элкарт Мобайл” мобилдик тиркемесин колдонуу тууралуу видеоматериалдарды иштеп чыккан жана өзүнүн интернет-ресурстарында жарыялаган.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Экономиканын нак акчага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу Улуттук банктын негизги функцияларынын бири болуп саналат. Бул үчүн Улуттук банк коммерциялык банктар аркылуу жүгүртүүдөгү акча түзүмүн жөнгө салат.

2021-жылы банкноттордун жана монеталардын керектүү номиналдарынын оптималдуу запастарын толуктап туруу, аларды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен акчаны колдонуудан алып салуу жана жок кылуу иштери улантылган.

2021-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы 3,9 пайызга көбөйүү менен 139,9 млрд сомду түзгөн.

Нак акча жүгүртүүдө банкноттун 412,6 млн барагы жана монетанын 488,4 млн даанасы болгон. 2021-жыл ичиндеги жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 98,9 пайызы банкноттор үлүшүнө, ал эми 1,1 пайызы монеталар үлүшүнө туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттор менен монеталардын купюра боюнча түзүмү 4.2.1-таблицада келтирилген.

[1] “Жөнгө салуучу аянтча” – жаңы финансылык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу менен алектенген юридикалык жактарга, колдонуудагы мыйзамдарды бузуу тобокелдигисиз аларды колдонууга киргизүү боюнча экспериментти чектелген чөйрөдө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген өзгөчө укуктук режим.

**4.2.1-график.**
Жүгүртүүдөгү акча көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




**4.2.1-таблица.**
Банкноттордун жана монеталардын жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасына карата салыштырма салмагы
*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы, сом менен | 5 сомго чейин | 10 | 20 | 50 | 100 | 200 | 500 | 1 000 | 2 000 | 5 000 | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2020-жыл | 0,8 | 0,4 | 0,5 | 0,7 | 1,4 | 3,5 | 10,0 | 37,1 | 13,1 | 32,5 | **100,0** |
| 2021-жыл | 0,6 | 0,6 | 0,5 | 0,7 | 1,4 | 3,5 | 9,1 | 35,6 | 10,4 | 37,6 | **100,0** |

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

2021-жылы коммерциялык банктардын кассаларына түшкөн нак акчанын көлөмү 2 893,9 млрд сомду түзүп, 2020-жылга салыштырганда 36,7 пайызга көбөйгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүү көлөмү 35,1 пайызга өсүп, 2 907,0 млрд сомду түзгөн.

**4.2.2-таблица.**
Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын региондор боюнча жылышы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-жыл | 2021-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **2 116,3** | **2 893,9** | **2 151,0** | **2 907,0** | **98,4** | **99,5** |
| Бишкек шаары | 1 075,9 | 1 573,4 | 1 071,4 | 1 552,3 | 100,4 | 101,4 |
| Баткен областы | 95,2 | 123,8 | 95,1 | 123,7 | 100,1 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 230,4 | 300,3 | 246,0 | 318,1 | 93,7 | 94,4 |
| Ысык-Көл областы | 112,1 | 139,1 | 116,5 | 144,0 | 96,2 | 96,6 |
| Нарын областы | 52,9 | 63,1 | 55,3 | 65,8 | 95,7 | 95,9 |
| Ош шаары | 260,8 | 342,4 | 272,4 | 346,4 | 95,7 | 98,8 |
| Ош областы | 95,0 | 111,3 | 95,2 | 111,3 | 99,8 | 100,0 |
| Талас областы | 60,9 | 68,3 | 65,8 | 73,4 | 92,6 | 93,1 |
| Чүй областы | 133,1 | 172,2 | 133,3 | 172,0 | 99,8 | 100,1 |

Нак акча жүгүртүүнүн ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Улуттук банк укук коргоо органдары менен өз ара иш алып барууда жасалма акчаны даярдоого жана жайылтууга жол бербөө иштерин улантkан. “Сом – Кыргызстандын жүзү” деп аталган маалымат берүү агартуу кампаниясынын алкагында калкка жана банк системасына улуттук валютадагы банкноттордун

жана монеталардын аныктыгынын белгилери жөнүндө маалымат берилип турган, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын касса кызматкерлери окуудан өткөн.

2021-жылы аныкталган жасалма банкноттордун саны 76 дананы, жалпы суммасы 100 500 миң сомду (2020-жылы – 55 даана, жалпы суммасы 117,5 миң сом) түзгөн. Жасалма акча жасоонун деңгээли бир миллион (0-10 жасалма/млн) анык банкнотко карата 0,2 жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу – 1-деңгээл катары классификацияланат[1]. Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголуп, ыкчам-издөө иш-чаралары жүргүзүлгөн.

*Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу*

Каражат топтоо жана инвестициялоо боюнча, анын ичинде банк секторунда да, жаңы инструменттер рыногун түптөөгө, республиканын алтын казып алуу өнөр жай тармагынын потенциалын өнүктүрүүгө багытталган Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун алкагында, Улуттук банк 1, 2, 5 жана 10 грамм, 31,1035 грамм (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы 999,9 сапат белгисине ээ аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатууну уланткан.

2021-жылы 192,9 млн сом суммасында сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын көлөмү 37,3 кг түзгөн (2020-жылы 204,8 млн сом суммасында 44,4 кг). Ал эми отчеттук мезгил ичинде 107,8 млн сом суммасында кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын көлөмү 20,9 кг (2020-жылы 51,8 млн сом суммасында 11,0 кг) түзгөн.

***4.2.3-таблица.***

Сатылган жана кайра сатылып алынган өлчөнгөн алтын куймалар тууралуу маалымат *(миң сом)*

| Салмагы, *грамм* | Сатуу көлөмү | | Кайра сатып алуу | |
|---|---|---|---|---|
| | 2020-жыл | 2021-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
| 1 | 2 655,4 | 1 651,9 | 825,9 | 1 511,6 |
| 2 | 9 783,7 | 3 383,8 | 5 388,9 | 3 484,6 |
| 5 | 13 142,7 | 5 435,9 | 10 013,7 | 5 780,5 |
| 10 | 4 792,9 | 44 542,9 | 1 133,6 | 33 097,2 |
| 31,1035 | 2 668,3 | 34 718,1 | 995,2 | 8 786,5 |
| 100 | 171 793,0 | 103 186,4 | 33 415,2 | 55 184,9 |

***4.2.2-график.***

Сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны
*(даана)*







[1] Жасалма акча жасоонун деңгээли жүгүртүүдөгү анык банкноттордун бир миллион даанасына аныкталган жасалма банкноттордун санына катышы менен аныкталат. Бардыгы болуп дүйнөлүк практикада жасалма акча жасоонун алты деңгээлин айырмалашат.

***4.2.3-график.***

Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны
*(даана)*




Банктык баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү максатында, Улуттук банк жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн салмагы 31,1035 г жана 100 г салмактагы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сактоо кызматын сунуштаган.

Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын запастарын жергиликтүү чийки заттан толуктоо боюнча иштер улантылган. Кыргыз Республикасынын “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” мыйзамына ылайык, отчеттук жыл ичинде аффинаждалган монетардык эмес алтын жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан улуттук валютага сатып алынган.

*Эстелик монеталар*

Кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктарын даңазалоо максатында монета чыгаруу боюнча заманбап технологияларды колдонуу менен маанилүү тарыхый окуяларды чагылдырган коллекциялык эстелик монеталарын чыгаруу жана жайылтуу иштери улантылган.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 30 жылдыгынын жана КМШ түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгынын урматына “Тарыхый окуялар” сериясындагы коллекциялык эстелик монеталары жүгүртүүгө чыгарылган:

– “Эгемен Кыргыз Республикасына 30 жыл” алтын монетасы;
– “Эгемен Кыргыз Республикасына 30 жыл” күмүш монетасы;
– “Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине 30 жыл” күмүш монетасы.

Ошондой эле, “Өмүр сакчыларына таазим!” жез-никель монетасы COVID-19 пандемиясын жеңүүдө бүтүндөй күч-аракетин жумшаган ар түрдүү кесиптин өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирүү иретинде жүгүртүүгө чыгарылган.

***4.2.1-сүрөт.***

“Эгемен Кыргыз Республикасына 30 жыл” алтын монетасы



***4.2.2-сүрөт.***
“Эгемен Кыргыз Республикасына 30 жыл” күмүш монетасы




***4.2.3-сүрөт.***
“Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине 30 жыл” күмүш монетасы




***4.2.4-сүрөт.***
“Өмүр сакчыларына таазим!” жез-никель монетасы



# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

2021-жылы Улуттук банк борбордук (улуттук) жана интеграциялык банктар, эл аралык уюмдар, финансылык институттар жана бирикмелер менен кызматташууну уланткан. Эл аралык иш-чаралар COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу негизинен видеоконференция форматында өткөн.

Улуттук банк Эл аралык валюта фондунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруучу кеңсе катары иш алып баруу менен артыкчылыктуу багыттар боюнча ЭВФ менен координациялоону жана өз ара тыгыз иштешүүнү уланткан.

ЭВФ макулдашууларынын IV беренесине ылайык, отчеттук жылы ЭВФ менен консультациялар жүргүзүлүп, натыйжасында Фонддун расмий сайтына тиешелүү отчет жарыяланган. ЭВФтин АКУ (SDR) бөлүштүрүү тууралуу глобалдуу демилгесинин алкагында 2021-жылы Кыргыз Республикасы 170,2 млн АКУ (SDR) алган. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын ЭВФ алдындагы карызын азайтуу үчүн болжол менен 8,6 млн АКУ (SDR) өлчөмүндө ЭВФтин гранттык колдоосун алууга көмөктөшкөн. Аталган гранттык каражаттар буга чейин өлкөнүн ЭВФтин Трасттык фондусунун алкагында жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө көмөк көрсөтүү үчүн алган кредиттери боюнча карыздын негизги суммасын төлөөгө багытталган.

2021-жылдын апрель жана октябрь айларында Улуттук банктын жетекчилиги ЭВФ башкаруучуларынын жана Дүйнөлүк банк тобунун Жазгы жана Жылдык жыйындарына катышкан.

Улуттук банктын Эл аралык валюта фонду менен өз ара иш алып баруусу акча-кредит саясатын өркүндөтүү маселесин кошо алганда, техникалык жардам көрсөтүүнүн ар кыл багыттары боюнча жүзөгө ашырылган.

2021-жылы Улуттук банк Ислам өнүктүрүү банкы менен Кыргыз Республикасынын аймагында ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүү маселелери боюнча кызматташууну уланткан. Улуттук банк жана Ислам өнүктүрүү банкы ортосунда кол коюлган макулдашуунун алкагында, банктык көзөмөл жана борборлоштурулган Шариат кеңешин түзүү, ошондой эле ислам каржылоо принциптери жагында адистердин потенциалын жогорулатуу боюнча ченемдик укуктук базаны жакшыртууга багытталган, техникалык көмөк көрсөтүүнү ишке ашыруу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн.

Ислам өнүктүрүү банкынын долбоорунун “Каржылоону пайдалануу мүмкүнчүлүгү” компонентинин алкагында Ысык-Көл жана Нарын областтарында сугат жерлерин өнүктүрүү боюнча өлкөдө ислам каржылоо принциптерин жайылтуу жана илгерилетүү жагында иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр кеңешинин (IFSB) стандарттары англис тилинен орус тилине которулган жана Улуттук банктын расмий интернет-сайтына жарыяланган.

Улуттук банктын өкүлдөрү Ислам өнүктүрүү банкынын тобундагы башкаруучулардын жылдык 46-жыйынына катышып, анда Кыргыз Республикасынын Ислам өнүктүрүү банкынын тобуна кирген уюмдар менен кызматташуусун өнүктүрүү боюнча маселелер талкууланган.

Мындан тышкары, Улуттук банктын өкүлдөрү Кара деңиз чөлкөмүнүн, Борбордук Азия жана Балкан жарым аралы өлкөлөрүнүн борбордук банктарын башкаруучулар клубунун 45-отурумуна да катышып, анда COVID-19 пандемиясынын шартында экономикалык жана финансылык туруктуулук, ошондой эле “жашыл экономика” боюнча маселелер каралган.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Ошондой эле Улуттук банк финансы жана банк иши боюнча Евразия экономикалык бирлигинин (ЕАЭБ), ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин, Мамлекеттер аралык банктын, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ), Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) алкагында ишин улантkan.

2021-жылдын сентябрында Кыргыз Республикасында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин 22-отуруму өткөрүлгөн. Отурумдун жүрүшүндө учурдагы экономикалык абал жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде акча-кредит саясатын ишке ашыруу, ошондой эле Стандартташтырылган лицензия жөнүндө макулдашуунун жана Евразия экономикалык бирлигинин жалпы финансы рыногун жөнгө салуу боюнча бир нече улуттар катышкан орган тууралуу макулдашуунун долбоорунун үстүндө иштөө боюнча маселелер каралган.

Улуттук банк 2014-жылдын 29-майындагы ЕАЭБ жөнүндө келишимди ишке ашыруу максатында ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана улуттук (борбордук) банктары тарабынан түзүлгөн консультациялык жана жумушчу органдардын (чакан комитеттер, жумушчу топтор жана чакан топтор) ишине катышкан.

Макроэкономикалык саясат боюнча консультациялык комитеттин катышуучулары ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун аныктаган макроэкономикалык көрсөткүчтөргө мониторинг жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин бюджети жана карыздык милдеттенмелерин аткаруу жагынан туруктуулугуна талдап-иликтөө жүргүзгөн. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин 2021-2022-жылдарга макроэкономикалык саясатынын негизги багыттары бекитилген.

Статистика боюнча консультациялык комитеттин ишинин натыйжасында ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Евразия экономикалык комиссиясына (ЕЭК) сунушталуучу расмий статистикалык маалыматтын статистикалык көрсөткүчтөрүнүн тизмегине, ошондой эле ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин товарлары менен өз ара соода жүргүзүү боюнча статистиканы түзүү методологиясына өзгөртүүлөр киргизилген. Финансылык статистика боюнча чакан комитет тарабынан мамлекеттик финансы статистикасы боюнча маалыматтарды топтоо жана айрым форматтарды берүү мөөнөттөрүн кыскартуу иштери талкууланган.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү максатында Улуттук банк Финансылык рыноктор боюнча консультациялык комитетте ишин улантkan. ЕАЭБ алкагында кредит таржымалынын курамына кирген маалыматтарды алмашуу тартиби жөнүндө макулдашууга кол коюлган.

Стандартташтырылган лицензия жөнүндө макулдашуунун жана Евразия экономикалык бирлигинин жалпы финансы рыногун жөнгө салуу боюнча бир нече улуттар катышкан орган тууралуу макулдашуунун долбоорун даярдоо иштери улантылган.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук төлөм системаларын өнүктүрүүнү координациялоо боюнча жумушчу топ “Элкарт” улуттук системасын “Мир” россиялык улуттук төлөм системасы менен өз ара интеграциялоо долбоору ишке ашырылган. Ошондой эле ISO 20022 эл аралык стандартынын негизинде финансылык билдирүүлөр форматтарын изилдөө жана улуттук төлөм системасына киргизүү иштери жүргүзүлгөн.

2021-жылы Улуттук банктын өкүлдөрү Евразия борбордук (улуттук) банктар кеңешинин видеоконференция түрүндө өткөрүлгөн 44 жана 45-отурумдарына катышкан. Бул отурумдарда Казакстан Республикасынын Финансы рыногун жөнгө салуу жана өнүктүрүү боюнча агенттиктеринин Евразия борбордук (улуттук) банктар кеңешине катышуусу, банк секторун өнүктүрүү иштеринин натыйжасы

жана келечеги, акча-кредит саясатынын негизги багыттары, валюта рынокторун өнүктүрүү жана экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрү, Евразия борбордук (улуттук) банктар кеңешинин катышуучулары болгон өлкөлөрдөгү ПФТД/ЛПД боюнча улуттук системалар тууралуу маселелер каралган.

Мындан тышкары, Улуттук банк Мамлекеттер аралык банк кеңешинин 62 жана 63-отурумдарына катышкан, анда Мамлекеттер аралык банктын ишинин жыйынтыгына жана мындан аркы ишине тиешелүү маселелер каралган. Ошондой эле Улуттук банктын өкүлдөрү ШКУга мүчө мамлекеттердин финансы министрлеринин жана борбордук (улуттук) банктарынын төрагаларынын кеңешмесине катышып, анда ШКУга кирген өлкөлөрдө COVID-19 пандемиясынын финансылык кесепетин жөнгө салуу жана четтетүү максатында андан кийинки жагдай талкууланган.

*Техникалык кызматташуу*

Тажрыйба алмашуу, квалификацияны жогорулатуу программаларын ишке ашыруу жана техникалык жардам алуу максатында Швейцария Улуттук банкы, Польша Улуттук банкы, Корея банкы, ошондой эле Азия өнүктүрүү банкы, Дүйнөлүк банк, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фонду, Вена бириккен институту (JVI), Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ), Германия эл аралык кызматташуу боюнча Шпаркасс фонду, Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму менен кызматташуу иштери жүргүзүлгөн.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк ачык-айкындуулук, транспаренттүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциптерине таянуу менен коомчулукка маалымдоо саясатын жүргүзгөн.

Маалымат саясаты, негизинен, Улуттук банктын акча-кредит саясаты, банк жана төлөм системасын өнүктүрүү, санарип технологияларын киргизүү, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулар үчүн киберкоопсуздук, финансылык алдамчылык тобокелдиктери жана финансылык пирамидалардын белгилери жөнүндө коомчулукка маалымдоого багытталган.

Коомчулукка ар башка форматта маалымат берилген: Улуттук банктын расмий интернет-сайтына, жалпыга маалымдоо каражаттарына маалыматтык билдирүүлөрдү чыгаруу, теле жана радиоберүүлөрдү көрсөтүү, түшүндүрүүчү видеоматериалдарды, буклеттерди, китепчелерди жана башка маалыматты финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет-сайтында жана Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жайгаштыруу.

*Расмий интернет-сайт*

Улуттук банктын www.nbkr.kg расмий интернет-сайты коомчулукка Улуттук банктын иш багыттары боюнча маалымат берүүнүн жана андан ыкчам пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү инструменти болуп саналат. Расмий интернет-сайтта Улуттук банктын чечимдери жөнүндө маалымат жарыяланып, банктык, монетардык статистика боюнча статистикалык маалыматтар туруктуу негизде жаңыланып турган, ошондой эле Улуттук банктын акча-кредит саясаты, финансылык сектордун туруктуулугу, төлөм системасынын абалы жана Улуттук банктын башка мезгилдүү басылмалары жөнүндө отчет түрүндө аналитикалык материалдары жарыяланган.

*Жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташуу*

2021-жылга карата медиа-планга ылайык, банк ишине тиешелүү маселелер боюнча 100дөн ашык басылма даярдалып жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланган. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн Улуттук банктын иш багыттары боюнча 180дөн ашык кайрылуусу каралган.

Улуттук банктын өкүлдөрүнүн 120дан ашык эл алдына чыгып сүйлөөсү уюштурулган. Анда Президенттин “Финансы рыногун мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу; валюта рыногунда түзүлгөн жагдай; банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптик трансформациялоо; финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, ишкерлерди жана калкты колдоо чаралары жөнүндө актуалдуу маселелер тууралуу түшүндүрмө берилген.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын ишине тиешелүү 8 миңден ашык басылма жарык көргөн.

*Улуттук банктын медиа продукциялары*

Республикалык жана аймактык телеканалдарга валюталар курсу жана алтын куймалардын наркы жөнүндө инфографика менен “Улуттук банк билдирет” рубрикасы күн сайын чыгып жатты, ошондой эле электрондук санариптик финансылык кызмат көрсөтүүлөр, финансылык алдамчылык тобокелдиктери жөнүндө видеороликтер жана финансылык сабаттуулук боюнча (“Финсабат”) телеберүүлөр сериясы чыгарылып турган.

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына карата улуттук валютанын купюраларында чагылдырылган белгилүү инсандар: ойчул-философ Жусуп Баласагын, улуу манасчы Саякбай Каралаев, акын Алыкул Осмонов, сүрөтчү жана актёр Сүймөнкул Чокморов жөнүндө “Ата журттун нукура байлыгы – өз эли” деп аталган видеороликтер сериясы чыгарылган.

Бул долбоордун максаты болуп руханий баалуулуктарды даңазалоо, калктын улуттук валютага ишенимин жана аларга аяр мамиле кылуу маданиятын жогорулатуу болуп саналат. Видеоматериалдар республикалык жана аймактык телеканалдарга чыгарылып, ошондой эле Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жарыяланган.

Ал эми региондордо Улуттук банктын облафсттык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу коомчулукка маалымат берилген. Аймактык жалпыга маалымдоо каражаттарына Улуттук банктын иши жөнүндө 72 маалыматтык жана аналитикалык материал жарыяланган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

2021-жылы Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген коомдук кабылдамалардын иши улантылган. Коомдук кабылдамалардын иши Улуттук банктын компетенциясына кирген, жарандардын банктын жетекчилиги жана адистери менен жолугушууларын уюштуруу, ошондой эле жазуу жана оозеки кайрылуулар менен иштөө маселелери боюнча консультация жана маалымат берүүгө багытталган. Бардыгы болуп коомдук кабылдамага Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 4 миңге жакын оозеки жана 1,5 миңден ашык кат түрүндө кайрылуулар келип түшкөн.

*Нумизматикалык музейлер*

2021-жыл ичинде эпидемиологиялык жагдайга байланыштуу Улуттук банктын нумизматикалык музейлерине кирүүгө чектөө коюлган. Улуттук банктын нумизматикалык музейинин экспозициясында ар башка мезгилдерде чыгарылган жана улуттук валютанын өнүгүү жана түптөлүү этаптарын чагылдырган өлкөнүн нак акча жүгүртүүсү; байыркы Кыргызстандын аймагында табылган акча белгилери; нумизматикалык эстелик монеталар коллекциясы жана Улуттук банк тарабынан чыгарылган башка нумизматикалык продукция камтылган.

*Улуттук банк социалдык тармактарда*

Бүгүнкү күндө социалдык тармактарды колдонуучулардын саны артып, социалдык тармактар менен мессенджерлер маалымат таркатуунун негизги булагы жана каналына айлангандыгына байланыштуу, Улуттук банк социалдык тармактарга жана мессенджерлерге жигердүү катышуусун улантткан. Улуттук банктын ишине тиешелүү маалыматтык билдирүүлөр даярдалып, колдонуучулардын талабын жана күтүүлөрүн эске алуу менен социалдык тармактардагы өзүнүн расмий баракчаларында жарыялап турган. Ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилде видеоконтенттер, инфографикалар, маалымат карталары жана башка продукциялар

түзүлгөн, алар атайын инструменттерди колдонуу менен социалдык тармактар аркылуу жайылтылган. Социалдык тармактардагы расмий баракчалар коомчулук менен ыкчам кайтарым байланышты камсыз кылуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн колдонулган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Отчеттук мезгилде Улуттук банк калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу иштерин уланткан. Финансылык сабаттуулукту жогорулатууга багытталган иш-чаралар тууралуу маалымат, билим берүүчү жана башка материалдар Улуттук банктын финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет сайтына жана социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

Социалдык тармактардагы "Финсабат" баракчасында каражат топтоо жана инвестициялар, аралыктан сунушталуучу банктык кызматтар, ага кошо мобилдик банкинг аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө төлөө, ошондой эле онлайн-банкингди колдонуудагы тобокелдиктер жана финансылык коопсуздук, алдамчылык операцияларын жана финансылык пирамидаларды аныктоо ыкмалары боюнча калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында даярдалган видеоматериалдар жарыяланган. Аналитикалык маалыматтарга ылайык, белгиленген материалдарды социалдык тармактарда 600 миңден ашуун колдонуучу көргөн.

Финансылык сабаттуулук боюнча үй-бүлөлүк бюджетти пландаштыруу, кредитти туура пайдалануу, пайыздарды чегерүү эрежелери, күрөө боюнча мамилелердин өзгөчөлүктөрү жана финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелерине арналган "Финсабат" телеберүүлөрү республикалык жана аймактык телеканалдардан көрсөтүлүп, Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

Финансылык билим берүүнү андан ары кеңейтүү жана колдонуучуларга ыңгайлуу болуусу үчүн финансылык билим берүүнүн онлайн жана санарип инструменттери киргизилген. Улуттук банк German Sparkassenstiftung менен биргеликте "Менин финансым" деген маалымат берүү-агартуу порталын (https://moifinansy.finsabat.kg) түзгөн, анда дуалдык билим берүүнүн окутуучулары, билим берүү мекемелеринин мугалимдери жана финансылык сабаттуулук боюнча окутууга кызыкдар башка тараптар үчүн финансылык сабаттуулук боюнча окутуу материалдары жайгаштырылган.

Финансылык сабаттуулук боюнча маалыматтын калкка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ) менен биргеликте "Туруктуу экономикалык өнүгүүгө көмөк көрсөтүү" долбоорунун алкагында "Finsabat" мобилдик тиркемеси иштелип чыккан, мобилдик каражаттарды колдонуучулар буга Play Market жана App Store тиркемелери аркылуу кире алат.

Ошондой эле жыл сайын өткөрүлүүчү "Глобалдуу акча жумалыгы" жана "Дүйнөлүк каражат топтоо күнү" маалымат берүү-агартуу кампаниялары уюштурулуп, ага мамлекеттик жана эл аралык уюмдар, коммерциялык банктар жана микрофинансылык уюмдар катышкан. Бул кампаниялардын алкагында финансылык сабаттуулук боюнча бардык курактагы балдарга, чоңдорго жана жаштарга арналган жана ылайыкталган лекциялар окулуп, финансылык мекемелерге экскурсиялар, олимпиадалар, тренингдер жана башка иш-чаралар өткөрүлгөн. Өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу, 2021-жылы интерактивдүү оюндар, сынактар, викториналар, олимпиадалар сыяктуу иш-чаралардын айрым бөлүгү интернет ресурстарында жана социалдык тармактарда онлайн режиминде өткөрүлгөн. "Глобалдуу акча жумалыгы – 2021" маалымат берүү-агартуу кампаниясынын алкагында 350гө жакын иш-чара өткөрүлүп, ага 200дөн ашык жалпы билим берүү мектеби, 70ке жакын ЖОЖ жана атайын орто окуу жайы катышкан. Бул кампанияга түздөн-түз катышкандардын саны

болжол менен 38 миң адамга жетип, ал эми кыйыр түрдө катышкандар 3 млн адамдан ашкан. Ошондой эле Дүйнөлүк каражат топтоо күнүнүн алкагында 130га жакын иш-чара, анын ичинде 13 сынак, мектептерде 29 ачык сабак, 30дан ашуун семинар, 40ка жакын экскурсия өткөрүлүп, 25тен ашык оюн уюштурулган. Мында 4 миңге жакын адам түздөн-түз катышып, кыйыр түрдө катышкандардын саны 2 миллиондон ашкан.

2021-жылы German Sparkassenstiftung менен биргеликте “Кыргызстанда, Тажикстанда жана Түркмөнстанда айыл жергесин өнүктүрүүгө, чакан жана орто ишмердик секторунун потенциалын арттырууга көмөк көрсөтүү” долбоору ишке ашырыла баштаган, анын максаты болуп айыл жергесиндеги калктын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу, алардын финансылык жана ишкердик сабаттуулугун жогорулатуу саналат. Бул долбоордун алкагында финансылык сабаттуулуктун негиздери боюнча эки күндүк семинарлар уюштурулган. Ага Ош шаарынан жана Ош областынын 24 айыл аймагынан болжол менен 700 адам катышкан.

Отчеттук мезгил ичинде КМШ өлкөлөрүндө финансылык билим берүү жагында техникалык колдоо көрсөтүү долбоорунун II фазасынын алкагында Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму менен кызматташуу улантылган.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Улуттук банктын ишин жүзөгө ашыруу үчүн уюштуруу түзүмү аныкталган, ага ылайык түзүмдүк бөлүмдөргө тиешелүү функциялар жана ыйгарым укуктар берилген. Отчеттук жылы иш натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

– жаңы финансылык продукттарды иштеп чыгуу тобун санарип банк операцияларын өнүктүрүү бөлүмүнө өзгөртүп түзүү менен Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы кайра уюштурулган;
– материалдык-техникалык колдоо бөлүмүнүн курамындагы саламаттыкты сактоо пунктун жоюу менен Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы кайра уюштурулган;
– өз алдынча бөлүм катары Медициналык тейлөө кызматы түзүлгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын курамына борбордук аппараттын 31 түзүмдүк бөлүмү, беш областтык башкармалыгы жана Баткен областындагы бир өкүлчүлүгү кирген.

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; макроэкономика, банк сектору жана төлөм системалары маселелери боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын ишке ашырат жана эл аралык резервди тескөөгө алат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдап-иликтөөнү жүргүзөт; ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт |
| ***1-Банктык көзөмөл башкармалыгы жана 2-Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле коммерциялык банктар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу максатында банктардын ишине көзөмөл жүргүзөт |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн, финансы рыногунун ишине тиешелүү көрсөткүчтөрдүн статистикасын, банк сектору жана банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча статистиканы жүргүзөт; Кыргыз Республикасынын төлөм тендемин түзөт; тышкы карыз маселелери жагында |

| | |
|---|---|
| | эксперттик колдоо көрсөтөт; Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугун талдап-иликтейт жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларын чыгарат |
| ***Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында банктарды көзөмөлдөө методологиясын иштеп чыгат жана банктардын ишин лицензиялайт |
| ***Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын ишине көзөмөл жүргүзөт; көзөмөлдөө методологиясын иштеп чыгат жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялайт |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана монеталарга, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн жасалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга муктаждыгын камсыз кылат; алардын оптималдуу запасын кармап турат; акча банкнотторун, монеталарды жана баалуулуктарды сактоону жана ташып жеткирүүнү жүзөгө ашырат; эскилиги жеткен банкнотторду жана кемчилиги бар монеталарды жок кылуу боюнча чаралар топтомун жүргүзөт |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат; финансы рынокторундагы операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзөт; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептерин жана финансылык уюмдардын Улуттук банкта ачылган эсептерин тейлейт; ЕАЭБ жөнүндө келишимди ишке ашыруунун алкагында операцияларды жүзөгө ашырат |
| ***Банк ишин авто-матташтыруу башкармалыгы*** | Улуттук банкты маалымат технологиялары тармагында сапаттуу жана заманбап кызматтар менен камсыз кылат |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системаларын өнүктүрүүнүн жаңы келечектүү багыттарын жана төлөм системасын жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгат, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүү тенденцияларын талдап-иликтейт, төлөм системасынын иштешине көзөмөл (оверсайт) жүргүзөт, санарип төлөм жана финансы технологияларын изилдейт жана жөнгө салат, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт |

| | |
|---|---|
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын финансылык абалы чагылдырылган финансылык отчетту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында, эл аралык эсептик тажрыйбага ылайык Улуттук банктын операцияларын туруктуу негизде эсепке алат; мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышын камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банктын берилген кредиттери боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт жана аларга мониторинг жүргүзөт |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин укуктук маселелер боюнча комплекстүү коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде киберкоркунучтарга каршы аракеттенүү боюнча иш алып барат |
| ***Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын имараттары менен курулмаларында үзгүлтүксүз иштин жүрүшүн, электр энергиясы, материалдык-техникалык жабдуулар жана транспорт менен камсыз кылат |
| ***Системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр бөлүмү*** | банк жана банк эмес секторлордо системалуу мааниге ээ тобокелдиктерди аныктайт; банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу чараларын көрүү үчүн сунуштарды даярдайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарынын сакталышы боюнча Улуттук банктан лицензия алган финансы-кредит уюмдарынын ишине системалуу көзөмөл жүргүзөт; финансы-кредит уюмдарында маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзөт |
| ***Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү*** | банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жагында иш алып барат |
| ***СВИФТ сервис бюросу бөлүмү*** | СВИФТ тарабынан иштелип чыккан, кардарлардын коопсуздугун камсыз кылуу программасынын талаптарына ылайык, Улуттук банкты жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз СВИФТ кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө бөлүмү*** | Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары менен алардын иши жана өнүгүү стратегиясы маселелери боюнча өз ара иш алып барат |

| | |
|---|---|
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүнү жана өнүктүрүүнү, документтерди бир жерден жүгүртүүнү жана Улуттук банктын документтеринин аткарылышын контролдоону камсыз кылат; Улуттук банк Башкармасынын катчылыгынын функциясын аткарат |
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон эмгек ресурстарын башкарууну камсыз кылат; кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу процессин уюштурат |
| ***Финансы жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү*** | Улуттук банктын өнүктүрүү стратегиясын финансы ресурстары менен камсыз кылууга багытталган финансылык иш багытын уюштурат; бюджет түзүү жана ишти пландаштыруу процессин уюштурат; Улуттук банктын иш пландарынын жана стратегиялык иш багыттарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт |
| ***Эл аралык кызматташуу бөлүмү*** | Улуттук банктын өнөктөш өлкөлөрдүн борбордук банктары, финансы жана интеграциялык институттары, ошондой эле башка тармактагы уюмдар менен эл аралык кызматташуу мамилелерин түзүү, чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзөт |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын операцияларын тышкы рыноктордо ишке ашыруу учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт |
| ***Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү*** | банктын коммуникациялык саясатына ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымат берет, Кыргыз Республикасында финансылык сабаттуулукту жогорулатууга көмөк көрсөтөт |
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоор түзүү-изилдөө иштеринин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүндө аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзөт; ички аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзөт, Улуттук банктын тышкы аудитору жана Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып барат |
| ***Медициналык тейлөө кызматы*** | биринчи жана врачка чейинки медициналык-санитардык жардам, тез медициналык жардам көрсөтөт, сергек жашоого үндөйт |
| ***Сатып алууларды уюштуруу жана мүлктү сатуу бөлүмү*** | сатып алууларды уюштурат жана өткөрөт; Улуттук банктын укуктук актыларына ылайык мүлктү сатып өткөрөт; эл аралык финансы уюмдарынын жана донор-өлкөлөрдүн каражаттарынын эсебинен сатып алууларды жүргүзүү боюнча эл аралык финансы уюмдарынын жана донор-өлкөлөрдүн катышуусунда Улуттук банкта ишке ашырылуучу долбоорлорду коштоп жүрөт |

| | |
|---|---|
| ***Операциялык тобокелдиктер жана бизнес-процесстер бөлүмү*** | Улуттук банктын ишине операциялык тобокелдиктердин таасирин азайтуу боюнча чаралар топтомун ишке ашырат; Улуттук банктын иш үзгүлтүксүздүгүн уюштурат; Улуттук банктын бизнес-процесстерин талдап-иликтейт жана оптималдаштыруу иштерин жүргүзөт |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору («Толкун» пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эс алуусун уюштурат; кызматкерлердин катышуусунда окутуу иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, анын ичинде төлөм системаларынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт жана көзөмөлдөйт; төлөм системасын өнүктүрүү, финансы жеткиликтүүлүк деңгээлин жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу алкагында иш-чараларды жүргүзөт |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

2021-жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 753 адамды түзгөн, анын ичинде 668 адам – борбордук аппаратта жана 85 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенишет. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 340 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 33 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 49,5 пайыз, эркектердин саны – 50,5 пайыз чегинде катталган.

2020-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 705 адамды түзгөн, анын ичинде 625 адам – борбордук аппаратта жана 80 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенген. Пайыздык катышта аялдардын саны 50,0 пайызды жана эркектердин саны – 50,0 пайызды түзгөн.

*Персоналды окутуу*

Улуттук банк адистерин туруктуу негизде окутууну уюштуруп турат. 2021-жылы адистерди окутуу Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө, ошондой эле Кыргыз Республикасында уюштурулган окутуу иш-чараларынын алкагында аралыктан жана күндүзгү негизде өткөрүлгөн.

Отчеттук жылы “Банк иши. Банк кызматкерлерин дуалдык кесиптик окутуу” деп аталган билим берүү долбоорун ишке ашыруунун алкагында 31 жаш адис даярдалган.

“Жаш кесипкөйлөр” программасын ишке ашыруу улантылган, өлкөнүн борбордук банкынын ишине катышуу аркылуу ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө жана жаш адистерге банк кесиби боюнча көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүү программанын максаты болуп саналат. Отчеттук жыл ичинде “Жаш кесипкөйлөр” программасы эки жолу ишке ашырылган. Жаш адистерди сынак аркылуу тандоо үч баскычта өткөн, анын натыйжасында 129 талапкердин ичинен 55 талапкер эки программанын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктан иш боюнча такшалуудан өтүү үчүн кабыл алынган.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени ишке ашыруу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди ишке тартууга жана Улуттук банк тарабынан ага жүктөлгөн функциялардын талаптагыдай деңгээлде жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга шарт түзөт.

Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруулар жалпыга маалымдоо каражаттарында, Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жана социалдык тармактардагы баракчаларында жарыяланат.

2021-жылы 36 сынак, анын ичинен 9 сынак – областтык башкармалыктарда өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 434 адам катышкан. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 76 адам ишке кабыл алынган.

2021-жылы кадрлардын иштен бошонуп кетиши мурдагы деңгээлинде калып, 6,0 пайызды түзгөн.

Персоналдын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү, тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин Улуттук банктагы эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банктын негизги иш багыттары боюнча функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында, комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2021-жылдын акырына карата сегиз комитет, он бир

комиссия, илимий-эксперттик кеңеш, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши иш алып барган, алардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Күндөлүк абалга баа берүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасына, Улуттук банктын төрагасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Инвестициялык комитет*** | Улуттук банктын инвестициялык саясатынын жана белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык резервдерди тескөө боюнча тактикалык чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык саясаттын ишке ашырылышын карап чыгуу, жактыруу жана ага мониторинг жүргүзүү, эл аралык финансы рынокторундагы абалдын өнүгүүсүн эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугуна баа берүү, ошондой эле Улуттук банк Башкармасы үчүн инвестициялык иш маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишин белгиленген компетенция чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта ички контролдоо системасын талапка ылайык камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчеттун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт, ошондой эле ички аудит кызматынын ишине көзөмөл жүргүзөт |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишин анын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн координациялайт, ошондой эле төлөм системасын өнүктүрүү багыттарын, төлөм системасынын ишин өнүктүрүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө (оверсайт), төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана пруденциалдык көзөмөлдөө маселелери боюнча максаттарын жана милдеттерин аныктайт |

| | |
|---|---|
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине тиешелүү тобокелдиктерди идентификациялоо, баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрөт |
| ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүү иш-чараларынын аткарылышын контролдойт; маалымат технологиялары боюнча пландаштырылып жаткан долбоорлорду координациялайт; аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына тиешеси бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө боюнча комитет*** | каралган ыйгарым укуктарынын чегинде Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алат жана Улуттук банктын юридикалык жактардын ишине катышуусу маселелери боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү жагында Улуттук банктын ишин камсыз кылат |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылардын долбоорлорун алардын методологиялык жактан иштелип чыгышы көз карашында карап чыгат; Улуттук банктын ченемдик актыларында жана практикалык ишинде колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет |
| ***Банктын уюштуруу негизин өнүктүрүү боюнча комиссиясы*** | Улуттук банктын уюштуруу негизин өнүктүрүү маселелерин карайт жана алар боюнча сунуштарды даярдайт. Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү




МАЗМУНУ

## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдагы иши

Улуттук банк Башкармасы жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал Улуттук банктын негизги иш багыттарын бекитет. Улуттук банк Башкармасынын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамында белгиленген.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү саясатын аныктайт; жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт; ченемдик укуктук актыларды, жылдык отчетту бекитет, ошондой эле банк жана банк эмес финансы-кредит уюмдары секторунун жана төлөм системасынын негизги өнүгүү багыттарын аныктайт.

Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2021-жылы Башкарманын 90 отуруму (анын ичинде 14 маалымат отуруму) өткөрүлгөн, анда 362 маселе каралып, 213 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2021-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясатынын негизги инструменти болуп саналган Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселени сегиз жолу караган. Эсептик чен боюнча чечимдер инфляциянын негизги факторлорун, тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасында түптөлгөн кырдаалды иликтөөнүн жана болжолдоонун негизинде кабыл алынган.

Акча-кредит саясатында колдонулган чараларды жана анын натыйжаларын, өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү макроэкономикалык кырдаал тууралуу маалыматтарды, инфляцияны орто мөөнөттүү мезгил ичинде болжолдоолорду жана негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү камтыган акча-кредит саясаты тууралуу отчеттор чейректик негизде каралган жана бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы 2021-жылдын декабрь айында Улуттук банктын 2022-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүн жана Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселелерди кароо боюнча Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2022-жылга графигин жактырган, алар расмий интернет-сайтта жарыяланган.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык резервдерди тескөө жана резервдик активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө боюнча отчетту жыл сайын карайт жана бекитет.

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет туруктуу негизде карооого алынып турат, анда финансы системасында орун алган тобокелдиктер жана алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна тийгизген таасирине талдап-иликтөөнүн натыйжалары камтылган. Мониторинг жүргүзүүнүн жана талдап-иликтөөнүн натыйжалары акча-кредит жана макропруденциалдык саясат маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алынган.

Бардыгы болуп акча-кредит саясаты жана эл аралык резервдерди тескөө маселелери боюнча 2021-жылы 21 маселе каралып, 19 токтом кабыл алынган.

*Банк жана банк эмес уюмдардын ишин көзөмөлдөө боюнча маселелерди кароо*

Улуттук банк Башкармасы тарабынан COVID-19 пандемиясынан улам келип чыккан кризистин кесепеттерин азайтууга, бүтүндөй банк системасынын туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Отчеттук жылы Башкарманын коммерциялык банктардын отчетторун кагаз жүзүндө жөнөтүү талабын жокко чыгаруу боюнча токтому кабыл алынган.

Банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, ошондой эле аны мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү алкагында Банк Башкармасынын тобокелдиктерди тескөө, капиталдын жетиштүүлүгү (шайкештиги), активдердин классификациясы жана таасир этүү чараларын колдонуу маселелери боюнча токтомдору кабыл алынган. Мындан тышкары, кредиттерге мониторинг жүргүзүү шарттарына, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлин баалоого, ликвиддүүлүк ченемдерине, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын отчетторду Улуттук банкка берүү мөөнөттөрүнө тиешелүү, COVID-19 короновирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу мурда кабыл алынган айрым убактылуу талаптар жокко чыгарылган.

*Ислам каржылоо принциптери боюнча маселелерди кароо*

Ислам каржылоо принциптерин мындан ары өнүктүрүү жана илгерилетүү, ошондой эле тең укуктуу чөйрө түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан банктардын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги), кредиттик тобокелдикти тескөө, активдерди классификациялоо жана банктардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашыруусунда потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резерв түзүү маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген. Мурабаха бүтүмдөрү жөнүндө маалыматка баа берүү, таануу жана ачыкка чыгаруу үчүн эсепке алуу эрежелерин аныктоо максатында мурабаха операцияларын эсепке алуу тартиби кабыл алынган. Пайыздык кирешени чегербөө статусун берүү жана мезгил- мезгили менен берилүүчү банктык отчетту берүү тартибин жөнгө салуучу айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилди.

Улуттук банктын банктарды кайра уюштуруу жана кызмат адамдарды макулдашууга, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык “ислам терезеси” аркылуу банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияга берүүгө байланышкан маселелер боюнча лицензиялоо жагында айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Улуттук банктын ченемдик укуктук базасынын талаптарын өркүндөтүү максатында кепилдик фонддун каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштырууга лимиттерди кайра карап чыгуу жагында Улуттук банк Башкармасынын токтому кабыл алынган.

Улуттук банк Башкармасынын токтому менен “Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө” жобо бекитилген, анда банк эмес финансы-кредит уюмдары үчүн керектөөчүлөргө финансылык отчеттун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча талаптар белгиленген.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын банк секторун жана микрокаржылоо секторун 2018-2021-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор каралып турган. Микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары бекитилген, анын максаты калктын ишкердик демилгесин колдоонун, анын өз алдынча иш менен камсыз болушун жогорулатуунун, чакан бизнести жана жеке ишкердикти өнүктүрүүнү каржылоонун эң маанилүү инструменти катары микрокаржылоо секторун институционалдык өнүктүрүү үчүн алгылыктуу экономикалык, мыйзамдык жана жөнгө салуу чөйрөсүн камсыз кылуу жана колдоо болуп саналат.

Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын иши боюнча 108 маселе каралып, 62 токтом кабыл алынган, анын ичинен 32 токтом – алардын ишин жөнгө салган ченемдик базага тиешелүү.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

2021-жылы төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин ченемдик-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу, Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт), пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдү иштеп чыгуу маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилген.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамында мамлекеттик ички төлөмдөр боюнча кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүнүн алкагында "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобо бекитилген, ал Кыргыз Республикасынын аймагында нак эмес эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу тартибин, банк жана төлөм системаларында санариптештирүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын алкагында банктар жана төлөм системасынын башка катышуучулары тарабынан нак эмес эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырууда колдонулган төлөм документтерин тариздөө формаларын жана талаптарды аныктайт.

Бир же бир нече катышуучунун ликвиддүүлүгү жетишсиз болсо, клирингдин негизинде банктар аралык чекене төлөмдөр системаларынын жана ири төлөмдөр системасында банктык төлөм карттар менен эсептешүүлөр системаларынын таза позицияларын өз убагында жана милдеттүү түрдө жыйынтыктап эсептешүү жүргүзүү үчүн кошумча механизм менен камсыз кылуу максатында "Банктар аралык чекене төлөмдөр системасы үчүн камсыздандыруу (резервдик) фонду жөнүндө" жобо бекитилген.

Төлөм жүгүртүүсү жөнүндө маалыматты системалаштыруу үчүн Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмдүк реформаларына жана анын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине кайра өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программа жана Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча ведомство аралык комиссия боюнча ченемдик укуктук актылар жактырылган.

Отчеттук мезгилде Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2018-2022-жылдарга каралган негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу отчеттор каралган.

Төлөм системасынын иштеши жана анын ишин жөнгө салуу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан 36 маселе каралып, 19 токтом кабыл алынган.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер каралып, алар боюнча 113 токтом кабыл алган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салган мыйзамдар базасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзгөн.

*Күчүнө кирген мыйзамдар*

2021-жылы өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга, өлкөлөр ортосундагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоого багытталган, "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзам долбоору кабыл алынган. Мыйзамда Кыргыз Республикасынын аймагындагы ар башка төлөм системаларынын банктык төлөм карттарын пайдалануу менен

улуттук валютада жүргүзүлгөн төлөмдөр (мамлекет ичиндеги төлөмдөр) боюнча финансылык маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу, сактоо жана улуттук төлөм системасынын оператору тарабынан жүргүзүлгөн мамлекет ичиндеги төлөмдөр боюнча клиринг жүргүзүү жагында талаптар белгиленген.

Ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын процессинг жана төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү үчүнчү жактардын пайдасына сунуштоого байланышкан ишин иштин башка түрү менен айкалыштыруу боюнча чектөөлөрдү белгилөө каралган.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган, ал Граждандык кодекстин ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча укуктук ченемдерин өркүндөтүүгө, ошондой эле укук субъекттери ортосунда юридикалык жактар тарабынан системалуу негизде (пайда алуу максатында негизги иш түрүндө) жеке адамдарга кредит берүү жагындагы укуктук мамилелерди жөнгө салууга багытталган. Өзгөртүүлөрдө ислам банк ишин жүргүзүү стандарттарын белгилеген эл аралык уюмдар тарабынан (Ислам финансы институттарынын бухгалтердик эсепке алуу жана аудит уюму, Ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр кеңеши) иштелип чыккан жана бекитилген шариат стандарттарына ылайык, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча келишилген бүтүмдөрдүн жарандык-укуктук мамилелерин жөнгө салган Граждандык кодекстин жоболорун актуалдаштыруу каралган.

Кредит берүү боюнча ишти жөнгө салуу максатында Граждандык кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы финансы кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, финансы системасынын туруктуулугун андан ары камсыз кылуу, финансы системасынын туруксуздугуна жол бербөө, бирдей рынок шарттарын түзүү жана системалуу негизде кредит берүү менен алектенген юридикалык жактардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу зарылчылыгынан улам келип чыккан.

Мындан тышкары, коммерциялык банктардын директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрүнө тиешелүү, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзам кабыл алынган. Бул өзгөртүүлөрдүн максаты директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү жана көз карандысыз директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө карата талаптар боюнча пикир келишпестиктерди четтетүү саналат.

*Мыйзам долбоорлору*

2021-жылы Кыргыз Республикасынын “Аудитордук иш чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган, анда Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына түзөтүүлөр каралган. Аудитордук ишти лицензиялоонун жокко чыгарылгандыгына жана аудиторлорду жана аудитордук уюмдарды мамлекеттик каттоо киргизилгендигине байланыштуу Улуттук банкка жана коммерциялык банктарга тышкы аудит жүргүзүүдө аудитордук уюмдарга карата лицензиялык талаптар жокко чыгарылды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” мыйзамы кабыл алынып, аны иштеп чыгууга Улуттук банк да катышкан. Бул мыйзамда банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдардын жана Улуттук банк тарабынан көзөмөлгө алынган башка юридикалык жактардын виртуалдык активдерди тейлөө провайдерлери катары ишинин Улуттук банк тарабынан жөнгө салынышы каралган.

Улуттук банк тарабынан “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору иштелип чыккан, атап айтканда:

– Граждандык кодекске жарандык укуктардын объектиси катары “виртуалдык актив” түшүнүгү киргизилет;
– Кыргыз Республикасынын “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамында виртуалдык активдердин кызматын сунуштоочулар ФАТФнын сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык отчет берүүчү субъекттердин категориясына киргизилген;
– Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзамына виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүсүн сунуштоочунун ишин лицензиялоо киргизилет.

Улуттук банктын, банктардын жана банк ишин жөнгө салуучу мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына шайкеш келтирүү зарылчылыгына байланыштуу, Улуттук банк тарабынан банктын укуктук статусун, иш максаттарын, функцияларын жана ыйгарым укуктарын, иштөө тартибин, ошондой эле көз карандысыздыгынын гарантиясын аныктаган, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Конституциялык мыйзам долбоору жана “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзам долбоору иштелип чыккан, мында банк ишин жүзөгө ашыруу маселелери, банктарды түзүү жана жоюу тартиби, банк сырын түзгөн маалыматтарды алмашуу тартиби жөнгө салынган.

Президенттин “Финансы рыногун мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгын аткаруу үчүн Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен биргеликте нак акча жүгүртүүнү төмөндөтүү, салык базасын өстүрүү жана бюджет кирешелерин көбөйтүү, көмүскө экономика деңгээлин төмөндөтүү аркылуу нак эмес жүгүртүү үлүшүн көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына нак эмес эсептешүүлөр маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору иштелип чыккан. Мыйзам долбоорунда төлөмдөрдү нак формада жүргүзүүдө сумманы чектөө маселеси каралган.

## 6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин финансылык маселелер боюнча консультанты функциясын аткаруунун чегинде Улуттук банк 2021-жыл ичинде төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырган:

– акча-кредит саясатын ишке ашырууга, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматты, аналитикалык материалдарды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү туруктуу негизде Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Министрлер Кабинетине сунуштап турган;
– финансы жана банк маселелерине, төлөм системалары жана Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларын, чечимдерди карап чыккан;
– республикалык бюджетке тиешелүү маселелерди кароодо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Министрлер Кабинетине консультация берген.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Министрлер Кабинетине туруктуу сунушталуучу аналитикалык маалыматта Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү боюнча болжолдоо, экономиканын тышкы секторундагы жагдай, банк жана төлөм системаларынын абалы, банк эмес

финансы-кредит уюмдары, республиканын валюта рыногундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине бардыгы болуп 700дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

Улуттук банк отчеттук жылы бир катар мамлекеттик стратегияларды, программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

– 2022-2026-жылдарга карата финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегия;
– Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасы;
– Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программа;
– 2022-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны өнүктүрүү программасы;
– Мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча 2020-2022-жылдарга орто мөөнөттүү иш-аракеттер планы;
– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Президентинин “Финансы рыногун мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгын аткаруу боюнча иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экономиканы турукташтыруу боюнча кыска мөөнөттүү иш-аракеттеринин планы;
– Экономикалык саясат чараларынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Улуттук банктын түзүмдүк жана институционалдык реформаларынын матрицасы;
– “Санарип Кыргызстан 2019-2023” санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча жол картасы жана башкалар.

*Мыйзам долбоорлорун кароо*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан 30дан ашуун мыйзам долбоору боюнча сунуштар каралган жана даярдалган, анын ичинде:

– “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Кластерлер жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Экономикадагы өзгөчө кырдаал чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясы;
– “Кыргыз Республикасынын электрондук коммерция чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын электрондук коммерция паркы тууралуу”;
– “Венчурдук каржылоо жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
– “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик ипотекалык турак жай насыясы жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Криптоактивдерди жүгүртүү жөнүндө”;
– “Баалоо иши жөнүндө” жана башкалар.

Ошондой эле Улуттук банк тарабынан 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 40тан ашуун токтом долбоорлору жана буйруктар жана Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары боюнча сунуштар каралган жана даярдалган, анын ичинде:

- 2021-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн 2022-2024-жылдарга карата орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын 2022-2024-жылдарга фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасын бекитүү жөнүндө;
- банктардын жана төлөм уюмдарынын/төлөм системаларынын операторлорунун салык кызматынын органдарына маалымат берүү тартибин жана талаптарды бекитүү жөнүндө;
- Дүйнөлүк банктын "Региондорду экономикалык өнүктүрүү" долбоорунун алкагында "Ош областынын жана Ош шаарынын өндүрүүчүлөрү үчүн айыл-чарба продукцияларын өнүктүрүүгө товардык кредит" долбоорун бекитүү жөнүндө;
- кыймылдуу мүлккө талап кылуу укуктарынын 2025-жылга чейинки мезгилге концепциясын бекитүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарда жайгаштыруу тартибин бекитүү жөнүндө;
- казына милдеттенмелерин чыгаруу аркылуу мамлекеттик органдардын кредитордук карызынын ордун жабуу механизмин бекитүү тууралуу;
- "Айыл чарбасын каржылоо-10" долбоорун бекитүү жөнүндө жана башкалар.

*Эл аралык келишимдерди кароо*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык келишимдер жана макулдашуулар каралган, анын ичинде:

- Евразия экономикалык биригинин алкагында аудитордук ишти жүзөгө ашыруу жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык биригинин алкагында кредиттик таржымалдардын курамында камтылган маалыматтарды алмашуу тартиби жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык биригинин жалпы финансы рыногун жөнгө салуу боюнча бир нече улуттар катышкан орган тууралуу макулдашуунун долбоору;
- Стандартташтырылган лицензия жөнүндө макулдашуу долбоору;
- Валюта боюнча укуктук мамилелерди жөнгө салуу жана либералдаштыруу чараларын кабыл алуу боюнча макулдашылган ыкмалар жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык биригине мүчө болгон бир мамлекеттин брокерлерине жана дилерлерине башка мүчө мамлекеттердин биржалары (тоорук уюштуруучулар) уюштурган тооруктарга катышууга мүмкүндүк берүү жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларды жүзөгө ашырууда банктык гарантияларды өз ара таануу жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык биригинин алкагында айыл чарба продукциясына кампа күбөлүктөрүн чыгаруу (берүү), жүгүртүү жана төлөө эрежелери жөнүндө макулдашуунун долбоору;

– КМШга кирген мамлекеттердин коррупцияга каршы аракеттенүү жагында кызматташуулары жөнүндө келишим долбоору.

*Ведомстволор аралык комиссиялар курамында иш алып баруу*

Отчеттук жылы Улуттук банктын өкүлдөрү ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине төмөнкү маселелер боюнча катышкан:

– Финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегиянын долбоорун иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасында туруктуу каржылоо принциптерин жайылтуу;
– Кыргыз Республикасынын 2025-жылга чейинки мезгилге карата орто мөөнөттүү артыкчылыктарын аныктоо;
– Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясынын долбоорун иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын санарип кодексинин долбоорун иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына нак эмес эсептешүү маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорунун жөнгө салуу таасирин талдап-иликтөө;
– “Виртуалдык активдерге байланыштуу иш жөнүндө” жана “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорлорунун жөнгө салуу таасирин талдап-иликтөө;
– Кыргыз Республикасында финансылык омбудсмен институтун ишке киргизүү;
– Президенттин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” жарлыгына ылайык, иш-чаралар планын ишке ашыруу;
– финансылык операцияларды көзөмөлдөөнүн электрондук механизмин түзүү;
– коммерциялык банктардын кардарларын тейлөө жол-жоболорун өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
– бизнестин укук коргоо жана сот органдары менен өз ара иш алып баруусу жана башкалар.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы

Улуттук банкта ички контролдоо системасы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык уюштурулат жана жүргүзүлөт, ошондой эле ички контролдоо жаатында алдыңкы тажрыйбалар эске алынган. Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына отчет берүүчү Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт.

*Ички аудит кызматынын иши*

Улуттук банктын ички контролдоо, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү; Улуттук банктын финансылык отчетуна жыл сайын аудит жүргүзүү боюнча тышкы аудиторлору жана Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруу Ички аудит кызматынын негизги максаттары жана милдеттери болуп саналат.

Ички аудит кызматы Аудит боюнча комитеттин көзөмөлү алдында иштейт жана аудит объектилеринин ишине көз каранды эмес. Ички аудит тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмага негизделген, аудитордук текшерүүлөр тобокелдиктердин деңгээлине жараша жүргүзүлөт.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ишинин негизги багыттары, анын ичинде күндөлүк экономикалык жагдайга мониторинг жүргүзүү жана баалоо; валюталык эсептешүүлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү; төлөм системаларынын

МАЗМУНУ

жана төлөм уюмдарынын операторлорун лицензиялоо; банк эмес финансы-кредиттик уюмдарды лицензиялоо; Кыргыз Республикасынын финансы сектору жөнүндө статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу; эл аралык резервдерди тескөө; алмашуу бюролорунун ишин көзөмөлдөө маселелери боюнча аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

*Аудит боюнча комитеттин иши*

Талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылуу, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчетту даярдоо жол-жоболорун контролдоо максатында, Улуттук банкта Аудит боюнча комитет иш алып барат. Бул комитеттин курамына Улуттук банктын кызматкерлери болуп саналбаган эки көз карандысыз эксперт жана Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү кирет.

Аудит боюнча комитеттин иши ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүнү, тобокелдиктерди тескөөнү жана корпоративдик башкарууну, ошондой эле ички аудит кызматына көзөмөл жүргүзүүнү, бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун камсыз кылууну, финансылык отчеттун сапатына байкоо жүргүзүүнү, тышкы аудитордун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүүнү камтыйт.

2021-жылы Аудит боюнча комитет тарабынан 30 отурум өткөрүлгөн, анда Улуттук банктын финансылык отчету, эсепке алуу саясатындагы өзгөрүүлөр, ички контролдоо системасы боюнча жалпы маалымат, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг; ички аудит кызматынын иши тууралуу материалдар кароого алынган. Аудит боюнча комитет өзүнүн иши тууралуу маалыматты жарым жылдык негизде Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштап турган. Аудит боюнча комитеттин мүчөсү болгон көз карандысыз эксперт Улуттук банктын тышкы аудиторун тандоо жол-жобосуна катышкан. Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыз кылуу максатында, Аудит боюнча комитет Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетунун аудити боюнча аудитордук уюмдун өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөргөн.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Улуттук банктын 2020-жыл үчүн консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетуна тышкы аудит Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген “КПМГ Бишкек” ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн. Ал эми Улуттук банктын 2021-жыл үчүн тышкы аудитору катары “КПМГ Бишкек” жоопкерчилиги чектелген коому бекитилген.

# ТИРКЕМЕЛЕР

# III

Улуттук банктын
2021-жыл үчүн жылдык отчетуна карата
**1-тиркеме**

## 2021-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 6-январь | “Ак-Босого” турак жай-сактык кредиттик компаниясы” ААКка айрым банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берилген. |
| 13-январь | Улуттук банк Башкармасы “Ак Банк” ААКтын жоюу мөөнөтүн 2022-жылдын 13-мартына чейин узартууга макулдук берген. |
| 25-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин (негизги ченин) 5 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 27-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу түзүлгөн кырдаал шартында коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуунун алкагында кабыл алынган, кредиттерге мониторинг жүргүзүү шарттары, ликвиддүүлүк чендери, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлин карап чыгуу, ошондой эле Улуттук банкка отчет берүү мөөнөттөрү боюнча айрым убактылуу талаптарды жокко чыгарган. |
| 29-январь | “МКК “А.Г.А Инвест” ЖЧКга эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 29-январь | “Terem PAY” (Терем ПЭЙ) ЖЧКнын төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялары кайтарылып алынган. |
| 1-февраль | “KYRTELSAT” (КЫРТЕЛСАТ) ЖЧКнын төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялары жокко чыгарылган. |
| 22-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 50 базистик пунктка, 5,50 пайызга чейин жогорулатуу жөнүндө чечими кабыл алынган. |
| 13-март | Салык-бюджет жана акча-кредит саясаты чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 17-март | Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттердин Финансы рыноктору боюнча консультациялык комитетинин отурумуна катышуу. |
| 22-март – 28-март | “Глобалдуу акча жумалыгы-2021” – финансылык сабаттуулук боюнча жыл сайын өтүүчү маалымат берүү-агартуу кампаниясы өткөрүлгөн. |
| 31-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан электрондук документтерди колдонуу аркылуу банктык кызматтарды көрсөтүү боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 31-март | ЕАЭБдин Макроэкономикалык саясаты боюнча консультациялык комитетинин 16-отурумуна катышуу. |

| | |
|---|---|
| 2-апрель | ЕАЭБдин Улуттук төлөм системасын өнүктүрүүнү координациялоо боюнча жумушчу топтун 9-отурумуна катышуу. |
| 5-11-апрель | ЭВФ жана Дүйнөлүк банк тобунун жазгы жыйындарына катышуу. |
| 9-апрель | “МКК “Доолот финанс” ЖЧКка эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 14-апрель | ЕАЭБдин Статистика боюнча консультациялык комитетинин 18-отурумуна катышуу. |
| 15-апрель | ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин отурумуна катышуу. |
| 26-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 100 базистик пунктка, 6,50 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган. |
| 27-апрель | Мамлекеттер аралык банктар кеңешинин 62-отурумуна катышуу. |
| 7-май | “Азия Инвест Финанс” МКК ЖЧКга эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 19-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү өзгөртүүлөр кабыл алынган:<br>– кепилдик фонддун кепилдиктери менен камсыздалган активдердин бир бөлүгүн классификациялоо боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга;<br>– коммерциялык банктар жана айрым банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөрдү ишке ашыруу боюнча убактылуу эрежелерге активдерди реструктуризациялоо боюнча. |
| 19-май | Улуттук банк Башкармасы “Ысык-Көл” ИБ ААКтын жоюу мөөнөтүн 2022-жылдын 26-июлуна чейин узартууга макулдук берген. |
| 20-май | ASIAPAY (“ASIAPAY” ЖЧШ) эл аралык электрондук акча эмитенти/эл аралык электрондук акча системасынын операторунун каттоосу жокко чыгарылган. |
| 21-май | Улуттук банк “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмеси менен бирге банктык тегерек стол өткөргөн. |
| 31-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>– Улуттук банктын негизги ченин 6,50 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган;<br>– “Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын эсепке алуу саясатына карата негизги талаптар жөнүндө” жобо бекитилген. |
| 4-июнь | “PayDala” жоопкерчилиги чектелген шериктештиги Cashello.kz эл аралык электрондук акча эмитенти/эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары катталган. |
| 24-июнь | “Евразиялык Сактык Банкы” ААКка Убактылуу администрация атайын режими токтотулган. “Евразиялык Сактык Банкы” ААКка Убактылуу администрация атайын режими алты ай мөөнөткө киргизилген. |

| | |
|---|---|
| 25-июнь | “МКА “Агролид Финанс” коомдук фондуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 30-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан кредиттик тобокелдиктерди тескөө, ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөрдү түзүү маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 30-июнь | Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 44-отурумуна катышуу. |
| 14-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан таасир этүү чараларын колдонуунун тартибин, анын ичинде тике банктык көзөмөл режимин ишке ашырууну жөнгө салуучу айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 26-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 100 базистик пунктка, 7,50 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган. |
| 6-август | Эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүк берилген:<br>– “Келечек” МКК ЖЧКга;<br>– “Амин Садек Финанс” МКК ЖЧКга. |
| 16-август | “Тарыхый окуялар” сериясынан “Эгемен Кыргыз Республикасына 30 жыл” коллекциялык алтын жана күмүш монеталары жүгүртүүгө чыгарылган. |
| 18-август | “Эмгек” кредиттик союзу” финансылык кооперативине лицензия берилген. |
| 24-август | Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында “Региональные платежные системы” ЖЧКга 2021-жылдын 1-сентябрынан 2022-жылдын 30-августуна чейинки мөөнөткө электрондук акчаны чыгарууну (эмиссия) тестирлөө жана аларды пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү, ошондой эле POS-терминалдар, анын ичинде виртуалдык жана мобилдик POS-терминалдар, ошондой эле QR-коддорун колдонуу аркылуу банктык карталардын эквайрингин аткаруу үчүн лицензия берилген. |
| 25-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан банктарды кайра уюштурууга жана кызмат адамдарын макулдашууга, банк операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык “ислам терезеси” аркылуу жүргүзүү укугуна лицензияларды берүүгө байланышкан маселелер боюнча лицензиялоо жагында айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 1-сентябрь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 7,50 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 3-сентябрь | Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин финансы министрлеринин жана борбордук (улуттук) банктарынын төрагаларынын кеңешмесине катышуу. |
| 3-4 сентябрь | Ислам өнүктүрүү банкынын башкаруучуларынын 46-жылдык жыйынына катышуу. |
| 9-сентябрь | Атайын жөнгө салуучу режимдин алкагында “БАКАЙ БАНК” ААКка 12 ай мөөнөткө банк операцияларынын чектелген тизмесин жүргүзүү укугуна лицензия берилген. |

15-сентябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү өзгөртүүлөр кабыл алынган:

- банктардын капиталын жана тобокелдиктерин тескөө маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга;
- ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган финансы-кредит уюмдарында бирдей укуктук чөйрөнү түзүү үчүн айрым ченемдик укуктук актыларга.

20-сентябрь “Карман” ЖЧКнын төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялары кайтарылып алынган.

23-сентябрь ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин 22-отуруму Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн.

30-сентябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилген:

- “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого;
- “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө” жобого.

11-21-октябрь ЭВФ жана Дүйнөлүк банк тобунун Жылдык кеңешмесине катышуу.

13-октябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт) эрежелери бекитилген.

13-октябрь “Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН” ААКка “ислам терезеси” аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валютасында ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык банк операцияларын жүзөгө ашыруу укугуна лицензия берилген.

14-октябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан:

- “Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө” жобо бекитилген;
- Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиянын колдонуу мөөнөтүн 3 (үч) жылдан 5 (беш) жылга чейин узартууну, нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алууда мамлекеттик органдардын маалым каттарын талап кылынган документтердин тизмесинен алып салууну, кайра каржылоо кепилдиктери боюнча кепилдик фонддору үчүн лимит белгилөөнү камтыган Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр кабыл алынган.

20-октябрь ЕАЭБдин Статистика боюнча консультациялык комитетинин 19-отурумуна катышуу.

21-октябрь ЕАЭБдин Макроэкономикалык саясаты боюнча консультациялык комитетинин 17-отурумуна катышуу.

21-октябрь JCB International Co. Ltd. “JCB” карталары боюнча эл аралык төлөм системасынын оператору катары катталган.

25-октябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 7,50 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган.

25-октябрь Улуттук банк IFC менен биргеликте Кыргыз Республикасында финансы секторун санариптик трансформациялоо темасына тегерек стол өткөргөн.

25-31-октябрь “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү-2021” – финансылык сабаттуулук боюнча жыл сайын өтүүчү маалым берүү-агартуу кампаниясы өткөрүлгөн.

27-октябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан:

– Кыргыз Республикасынын аймагында камсыздандыруу (резерв) фонддун түзүү тартибин жана иштешин аныктаган “Банктар аралык чекене төлөм системалары үчүн камсыздандыруу (резерв) фонду жөнүндө” жобо бекитилген;

– Коммерциялык банктар жана айрым банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөрдү ишке ашыруу боюнча убактылуу эрежелерге активдерди реструктуризациялоо, ошондой эле Коммерциялык банктар жана айрым банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөрдү ишке ашыруу боюнча убактылуу эрежелерден COVID-19 пандемиясына чейин күчүндө болгон “Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө” жобонун талаптарына акырындык менен өтүү шарттарын түзүү бөлүгүнө өзгөртүүлөр кабыл алынган.

29-октябрь Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында “МКК “М Булак” ЖЧКнын лицензиясынын мөөнөтү 2022-жылдын 30-апрелине чейин узартылган.

3-ноябрь Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 45-отурумуна катышуу.

22-ноябрь “МФК “ИнвесКор СА” ААКка лицензия берилген.

24-ноябрь Улуттук банк Башкармасы пакеттик клиринг системасына тиешелүү маселелер боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү бекиткен.

29-ноябрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 50 базистик пунктка, 8,00 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган.

1-декабрь Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:

– “Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын бухгалтердик эсепке алуу эсептер планына карата талаптар жөнүндө” жобо;

– Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын бухгалтердик эсепке алуу эсептер планы.

1-декабрь “Тарыхый окуялар” сериясынан “Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине 30 жыл” коллекциялык күмүш монетасы жана “Өмүр сакчыларына таазим!” коллекциялык жез-никель монетасы жүгүртүүгө чыгарылган.

2-декабрь Мамлекеттер аралык банктар кеңешинин 63-отурумуна катышуу.

| | |
|---|---|
| 8-декабрь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө” жобо бекитилген. |
| 8-декабрь | Кара деңиз жана Балкан регионунун, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Борбордук банктарынын башкаруучулар клубунун 45-отурумуна катышуу. |
| 9-декабрь | Салык-бюджет жана акча-кредит саясаты чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 15-декабрь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү өзгөртүүлөр кабыл алынган:<br>– ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга;<br>– кардарларды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо боюнча минималдуу талаптарды кеңейтүү жагында Кардарларды аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо жана верификациялоо тартибине;<br>– электрондук кол тамга коюлган электрондук форматтагы отчетторду берген коммерциялык банктардын отчетторун кагаз түрүндө жөнөтүү талаптарын алып салуу жагында айрым ченемдик укуктук актыларга. |
| 22-декабрь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары кабыл алынган. |
